Скырг
М 77

Талантбек МОҢОЛБАЕВ

# Калем саптагы Шишкебек



*Сатира жана юмор:*

- саясий тамсилдер-памфлеттер;
- достук азилдер;
- тамашалар;
- жанытмалар;
- арноолор;
- даректүү күлкүлүү окуялар;
- такмазалар

Формуляр книги

Скорг. 472935

М77 Монолбаев Т.

[illegible]

50с

КР
Скарт. М 77

Талантбек МОҢОЛБАЕВ Шарип уулу

# Калем саптагы шишкебек



***Сатира жана юмор:***

саясий тамсилдер-памфлеттер •
достук азилдер • тамашалар
жаңылмачлар • арноолор •
даректүү күлкүлүү окуялар •
такмазалар

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №. 472 935

Ош – 2012

ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

УДК 821, 51
ББК 84 Ки 7 – 5
К М 77

**Моңолбаев Талантбек Шарип уулу**

**М 77 Калем саптагы шишкебек.** Сатира жана юмор: Саясий тамсилдер-памфлеттер, достук азилдер, тамашалар, жаңылтмалар, арноолор, даректүү күлкүлүү окуялар, такмазалар. – Ош, 2012. – 152 б.

ISBN 478 – 9967 - 03 - 816 – 5

Талантбек Моңолбаевдин чыгармачылыгы өзгөчө дараметтүү. Ал көп кырдуу талаптуу калемгер, журналист, акын, сатирик, памфлетист, чыгармачыл чөйрөгө кеңири таанымал инсан. Поэзияда, прозада, айрыкча сатирада калеми да, ойлору да курч. Чыгармаларын жогорку көркөм чеберчиликте ар түрдүү жанрларда жеткире жазат. Автордун өзгөчө саясий тамсил-памфлеттери ийкемдүү стили менен кыргыз адабиятында жаңылык жанр ыкма катары бааланат. Талантбек Моңолбаев жаңычыл сатирик катары өзүнүн саясий тамсил-памфлеттери менен учурдун, мезгилдин жана коомдун курч маселелерин таамай аныктап, талдайт. Чыгармаларынын көркөм-философиялык мааниси терең жана сатиралык ыкмада жазылышы окурмандардын чоң кызыгуусун пайда кылат.

К 4702300200 - 12 УДК 821, 51

УДК 821,51
ББК 84 Ки 7 – 5

ISBN 478 – 9967 - 03 - 816 – 5

© Моңолбаев Т.Ш.



*Качан мен жетекчи, сен жинди,*
*Качан сен жетекчи, мен жинди.*

*Байлык топтоп, атаандаша жарышып.*
*Бийик сезип, өзгөчө өмүр сурушөт.*
*Билимсиздер биригишип алышып,*
*Бийликте алар кулку болуп журушөт.*

*Тамсил жазса, мурчу менен канты бар,*
*Тарых үчүн памфлеттер дагы бар.*
*Такен, - дешет агалары, достору.*
*Таамай сүйлөп, талдай билген жагы бар.*

***Орозбек АКИМБАЕВ,***
***коомдук жана саясий ишмер, Кыргыз Республикасынын «Эмгек сиңирген экономисти»***

*Соңун ыры, памфлети баары бар,*
*Эң башкысы намыс менен ары бар.*
*Талант, сенин узун болсун өмүрүң,*
*Жалыла элек көп ырлардын саны бар.*

***Манап АЛИЕВ,***
***акын, Алыкул Осмонов атындагы адабий сыйлыктын ээси***

Боёксуз сүртүмдөр

## Талантбек Моңолбаев ким?

*Москвада МГУда билим алган,*
*Мыкты чыгармачыл адис.*
*Калеми курч, түрдүү жанрды чаккан,*
*Чыныгы чыгаан журналист.*
*Өтө маанилүү учур маселесин козгогон,*
*Өз жазуу ыкмасы бар публицист.*
*Калемгерлер ырларын азил-аскиялаган,*
*Калемтир-мурч сөздүү пародист.*
*Таза жүрүп, ак иштеген,*
*СССР мезгилиндеги коммунист.*
*Улуттар ынтымагына данакер,*
*Достукка бекем интернационалист.*

*Саясий тамсил-памфлеттерди жазган,*
*Таанымал таланттуу памфлетист.*
*Терс көрүнүштөрдү ашкере сындаган,*
*Тамаша-мыскылы күчтүү юморист.*
*Сатира-юморду сөзү менен тарткан,*
*Өзгөчө калемгер-карикатурист.*
*Кыскасы, көп кырдуу таланты бай,*
*Тажрыйбалуу жетекчи-журналист.*

***Турабай ЖОРОЕВ,***
***акын, Түрк мусулмандар өлкөлөрүнүн акындарынын эл аралык сынагынын лауреаты, Жолон Мамытов атындагы адабий сыйлыктын ээси.***

# *КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА ЖАҢЫ ЧЫЙЫР*

## Акын-сатирик Талантбек Моңолбаевдин «Калем саптагы шишкебек» китеби жөнүндө айрым ой-толгоолор

Кыргыз улуттук жазуучулар Союзунун мүчөсү, акын, тамсилчи-памфлетист Талантбек Моңолбаевдин массалык маалымат каражаттарына жарыяланып жаткан поэтикалык эргүүлөрдөн жаралган чыгармаларына көңүл буруп кызыгып окуп калганыма көп болду. Кийинки мезгилде анын окурман журтунун кызыгуусун туудурган тамсилдерин, памфлеттерин жана сатиралык ырларын республикалык гезиттерден, облласттык айрым коомдук-саясий басылмалардын беттеринен, ал турсун интернеттик китепканалардан окуп калчу болдум. Чындыгында кыргыз поэзиясында-поэтикалык жанрлардын өзгөчө түрү болгон сатиралык чыгарманын «чабуулчусу» катары таанылган памфлеттерди батынып жазуу иши көптөн бери колго алынбай келе жатканы баарыбызга белгилүү эле. Адабият тарыхынан маалым болчу, не бир чыгаан сатириктерибиз ушул памфлет жанрына кол салбаган. Деги эле бул жанрдын өзгөчөлүгү эмнеде?-деген суроо өзүнөн-өзү туулбай койбойт. Алгач анын өзөгүн аныктап алганыбыз оң болоор…

Көрсө, ПАМФЛЕТ-бул англис тилинен келген сөз жанр экен. Ал XII кылымда пайда болуп, элге өзүнүн кызыктуулугу менен айырмаланганы, кандайдыр бир коомдук-саясий көрүнүштү келекелоочү, же болбосо кандайдыр бир жогорку коомдук чиндеги адамдын тескери кылык -жоругун ашкерелөөчү адабий-публицистикалык чыгармачылыктын түрү экендиги окурманды кызыктырат экен. Бул жанр өз учурунда орус адабиятында жеткиликтүү өнүккөнүн билебиз. Белгилүү орус акын-жазуучулары Я. Галан, И.Эренбург, Д.Бедный, В.Маяковский жана башкалардын памфлеттери орус окурмандары арасында зор кызыгууларды туудурган. Ал эми биздин кыргыз адабиятында бул жанр анча өнүгө алган эмес десек жаңылышпайбыз. Өз мезгилинде бул жанрга «Господин Поинтонго менин сунушум» аттуу памфлети менен Касымалы Баялинов кара сөз түрүндө жазганы эсибизде.

Менимче акыркы жылдарда биздин коомубуздагы болуп жаткан ар түрдүү чалкештиктер, башаламандыктар, келишпестиктер орун алганы жалпы журтубузга белгилүү. Жогоруда коомубузда болуп жаткан окуяларга аралашып көрүп, байкап жүргөн Т.Моңолбаевдей калемгер үчүн табылгыс мазмундуу чыгармачыл жумуш болду. Автор акын катары тамсилдин же болбосо памфлеттин тили менен гана кедергилерибизди эл-журтка жеткире алмак. Авторго башка жол жок болчу жана жазбай да кое алмак эмес. Бул жагынан Т.Моңолбаев адабиятыбызда жаңы чыйырды баштады деп айтсак жаңылышпаган болобуз.

Адабияттын тарыхында сатира жанрынын ичинен, айрыкча тамсил-памфлет жанрына кайрылгандар дээрлик жок экенин өзгөчө белгилеп айта кетүү керек. Бул жанрлардын татаалдыгы каймана түрүндө канаттуулардын, ошондой эле ар түрдүү жан-жаныбарлардын жашоо турмушуна, мүнөзүнө жана кылык-жоругуна байланыштырып, алардын поэтикалык образдары аркылуу бай сүткорлорду, мансапкорлорду, алып сатарларды, алдамчыларды, кошоматчыларды, мамлекетке, коомго зыян келтирген коррупционерлерди, кызмат орундарында турган паракорлорду, өз кызыкчылыгы үчүн күрөшкөн митаам өтө байларды, саясий сойкуларды жана түрдүү рангадагы жалкоолорду келекелөө, мазактоо жана шылдыңга алуу экенин билебиз. Мына ушундан өтө курч, жалпы окурманга тез тарап кетүүчү чыгармачылыктын бул түрүнө киришүү зор баатырдыкты талап кылат.

Талантбек Моңолбаевдин колубуздагы «Калем саптагы шишкебек» китебине киргизилген чыгармалардын айрымдары басма сөз беттерине жарыяланып, окурмандардын бир топ кызыгууларын жаратканлыгын мен жакшы билем. Ал эми жарыялана элек тамсил-памфлеттерин топтоп китеп кылып чыгарып жатканын кызуу колдоого алабыз. Жыйнакка кирген коомубуздагы кедергелерди көрө билип өз мезгилинде шылдыңга алган саясий тамсил-памфлеттери «Депутат-жаныбарлар», «Маскара марш», «Чочконун башчы –акимдиги», «Бүркүт, Үкү, Жарганат», «Кескелдирик», «Кодолек», «Бир үй-бүлөдөгү көп партия», «Ким кандай жинди?» аттуу ж.б.чыгармалары бүгүнкү биздин коомубуздагы болуп жаткан окуяларды поэзиянын тили менен күлкүгө алат. Ал эми «Мансапкор Балтек» аттуу памфлети символикалуу көрүнүш катары-Карышкыр болуууну көздөгөн Балтектин ой-кыялы аркылуу кошоматтыгы аркылуу бийликке, депутаттыкка умтулган айрым бир мансапкордун жоругун ашкерелейт. Негизинен жыйнакка кирген чыгармалардын көпчүлүгүн окурман калкы кызыгуу менен кабыл алат деген зор ишеним бар. Анын бардыгын китептин баш сөзүндө эле терип-тепчип айтып берүү оңой эмес. Аларды окурман өзү бетме-бет жыйнак менен жалгыз сырдашып алуусу талап кылынат. Ал эми автордун бул китебинде, бөтөнчө чыгармачылык багытындагы акындык ийгиликтерин, айрым кездешкен мүчүлүштүктөрүн окурман өз деңгээлине жараша баалап алат деген ойдомун.

Демек, чыгармачылыктын жаңы багытына карай сапар алып жол жүрүп бараткан акын, тамсилчи-памфлетчи Талантбек Моңолбаевге мындан кийинки изденүүлөрүнө зор ийгиликтерди каалап кетүү биздин акындык милдетибиз.

***Кармышак ТАШБАЕВ,***
***акын, Кыргыз Республикасынын***
***маданиятына эмгек сиңирген ишмер***



# Тамсил-памфлеттер, жаныттмалар, азил-тамашалар

# *БҮРКҮТ, ҮКҮ, ЖАРГАНАТ*

***Саясий тамсил-памфлет***

**Жарыкты жашоо дебеген,**
**Жарганат, Үкү болбосун!..**



Байыркы бир заманда,
Батыныш бийлик алаарда.
Баардык канаттуу куштар,
Барышып саясий кадамга.
Жалпы чечим чыгарып,
Жар салышат ааламга:
– Бүт чогулуп Бүркүттү,
Түшүнгөн биздин абалга,
Хан көтөрүп шайладык,
Акыйкатчы жакшыга да жаманга.
Ак иштеп калыс болот, - деп,
Жар салынды далайга.

***

Мындайда көрүнөйүн деп,
Сагызган сайрады шакылдап,
Калбайын деп катардан,
Карга чыкты какылдап…
Тегинен эле түптүү, – деп,
Көзү курч, өзү күчтүү, – деп
Жалпы жапырт макташты.
Бир добуштан жакташты.

Калыс бол, – деп жалшы айтты,
Кадыр-баркты жакшы айтты.
Баарына ыйык сезилген,
Байыртан келген салтты айтты.
Кунт коюп угуп Бүкөбай,
Калыстыкты, антты айтты.
Жалшыга дароо кайрылды,
Жараганы Үкү деп.
Тааныштырды заматта,
Жанымда вазир ушу деп…
Таажы кийип чакыйып,
Такка отурду бакыйып…
Шаан-шөкөт башталды,
Иштин баары ташталды.
Топ-топ болуп чыгышты,
Торгой, Булбул сайрашты.
Тоту куштар бийлешти,
Топурашты жандашты.
Куттукташа кудуңдап,
Кол кысып кармашты.
Сый-тамактар тартылып,
Көпчүлүк бүт жыргашты.

***

Көңүлү токтой сыпайы,
Кыргый, Күйкө, Шумкарлар.
Көрүнөт көзгө сүйкүмдүү,
Кекиликтер, Уларлар.
Демөөрчүлүк кылышкан,
Кызмат алаар куштар бар.
Куштардын болуп майрамы,
Кубанычка толушту.
Кулкулдатып жутушуп,
Кузгундар абдан тоюшту.
Бок чокуган Каргалар,
Барктуу конок болушту.
Тамтык жеген Таскара,
Түркүн тамак тандады.
Балта Жутаар, Жорудан,

Мы ыр нерсе калбады.
Мындай кудай бербеспи,
Укмуш болду сайраны.
Ал эми Ала Барчынды,
Жасакерлер жандады..
Алды-артына түшүшүп,
Жалбаргандан танбады.

***

Мына ушинтип башталган,
Бүркүттүн бийлик кызматы.
Бардык ишти аткарган,
Үкүнүн артып урматы.
Маселе чечип өзү эле,
Бийик болуп ызаты…
Бүтүндөй топ келсе да,
Бүркүттөн сөз уга албайт,
Бүтүмдү Үкү чыгарат,
Бүркүткө түз кире албайт.
Эшитилбей арыз-муң,
Эшиги катуу тосулат.
Эчен ирет келсең да,
Эч кимге болбойт бош убак.
Учурашып чыгуу да,
Үкү аркылуу чечилет,
Ушак сөздор айтылса,
Үкү аркылуу кечирет.
Кызыгы, Үкү өзү ушакчы,
Сөзү болот шыкакчы:
Күлгөнү жалган тим эле,
Жүргөнү жаман неме эле.
Жалпы журттун ишине,
Жакшылык кылбайт деги эле.

***

Топтошуп арыз-муң жазып,
Тегерек мөөр чоң басып,
Торгойду өкүл жиберсе,
Тоготпойт Үкү муңдатып…
Тоголок арыз экен, – деп,

Бүркүттү коет ынатып,
Күйүп – бышып, күйүгүп,
Күбөлөр менен ымдатып.
Каймана карайт койгойго,
Көпчүлүктү сыздатып.
Көздөрүн май баскандай,
Кызматка коопп кутурат,
Канаттуунун баарысын,
Бирине-бирин тукурат.
Бүркүт менен жолукпай,
Куштар калат мукурап.
Кемтигин табат дароо эле,
Сайрабай калды Булбул, – деп,
Колтукка кирип, айтат дейт,
Калп айтпайм,– бул чын кеп.
Канаттуу куштун жалпысын,
Калтырбай түгөл жамандайт,
Кыйынсыган Кыргыйды,
Капкор, ачкөз жаман, – дейт,
Шуулдаган Шумкарды.
Шум ажалдуу арам, – дейт.
Чырылдаса чымчыктар,
Чындыктын баарын жалган, – дейт.
Туура сөздү терс айтып,
Тополоңго салган, – дейт.
Кыйын эчен куштарды,
Кызматынан алган, – дейт.
Караанын көзгө илгизбей,
Эч кимге өзүн билгизбей,
Кире калып тешиктен,
Чыга чуркап эшиктен,
Ушактарын Үкүнүн,
Чычкан далай эшиткен.
Мойнуна коюп күнөөнү,
Жок кылаарда бирөөнү,
Атайын Үкү жетелеп,
Алпарчу Чычкан күбөнү,
Так ушинтип чечилген,

Тамшалуу тагдырлар,
Тазаланган четинен,
Абройлуу алгырлар.

***

Мына ошондо топтолуп,
Бүт канаттуу жоктолуп,
Чоң маселе бар, – дешип,
Чогулушат топ болуп,
Чагымчы Үкү, – көр бол деп,
Канаттуу куштун баарысы,
Терс бата берип каргашат,
Жашы менен карысы.
Үкүгө түз тийген, – дейт
Канаттуулар каргышы,
Көрүнүп жарык караңгы,
Көздө болот кайгысы.
Кызыгы, күбөсү да көр болуп,
Чычканга канат бүтүптүр.
Аталып аты Жарганат,
Караңгы түндө учуптур.
Жалган жалаа жабышып,
Жамандык ишке барган – дейт,
Жанкечти Үкү, Жарганат,
Жалпыга кайгы салган – дейт.
Буларга жарык буюрбайт,
Илгертен сөз калган, – дейт,
Ушуларга ишенген,
Бүркүттө чоң арман, – дейт,

Убагында сезилбей,
Уят кылат ушакчы.
Чалып жыгат чагымчы,
Шапгысын алат шыкакчы.
Мына ошондо Бүркүткө,
Теңирден аян келиптир.
Жаратканы кош колдоп,
Ак батасын бериптир;
– Өзүңө ишен, бийик уч,


Көзүң болсун өтө курч,
Бардык ишти калыс чеч,
Болосуң дайым өзүң тынч.
Ошондон кийин Бүркүттүн,
Учканы бийик болуптур,
Алысты көрүп, көзү курч,
Тажрыйба топтоп толуптур.
Калыс карап жалпыга,
Кайрадан такка конуптур.

***

**Турмушта да кездешет,**
**(Адам) — Үкү, Жарганат.**
**Кыянат кылып бирөөгө,**
**Копиомат жасап жан багат.**
**Кызматынан алаарда,**
**Абийирин сатып каргапат,**
**Эл чогулган жерлерге,**
**Элеңдеп күндүз баралбайт.**
**Жардамы тиер «чоңдорго»,**
**Кечинде каттап жалаңдайт,**
**Пайдасы үчүн өзүнүн,**
**Жакшыны да жамандайт.**
**Жалпы журттун баарысы,**
**Жакшылык гана ойлосун.**
**Жарыкты жашоо дебеген,**
**Жарганат, Үкү болбосун!..**



# КИМ КАНДАЙ ЖИНДИ?
### *(памфлет)*



Жинди, жинди, жиндилер,
Жинди эшекке миндиңер.
Карап көрсөң аз эмес,
Кандай жинди кимиңер?
Жоруктары көп кырдуу,
Жосундары ар түрдүү.
Жиндинин бар түрлөрү,
Өзгөчө болот сүрлөрү.
Калың элге жоо келсе,
Капысынан доо келсе,
Элди коргойт эр болуп,
Эр ичинен шер болуп.
Алп Манастай зор «жинди».
Аталып калган «Чоң жинди».
***(Элдик ыргак менен)***

***


***(Учур ыргак менен)***
Жакшыдан жаман чыкса,
Урук улап аман турса:
– Жатын – жинди!

Калк айтса сөз укпаган,
Карганган, албуутташган:
– Катын – жинди!
Жамандан жаман чыкса,
Жалпыдан сын сөз укса:
– «Сийдик» – жинди!
Абийирин сатууга даяр турган,
Акчага, мансапка дилин бурган:
– Бийлик – жинди!
Көлөкө болуп «чоң» жандаган,
Көпчүлүк жерден эч калбаган:
«Ызат» – жинди!
Кызматы барда көпкөнүн айткан,
Кызматы жокто сөккөнүн айткан:
– Кызмат – жинди!
Кыз, баласы жанашкан,
Кызыгып мандат талашкан
Шайлоо – жинди!
Кымыз ичип, жыргаган,
Кыйкырып, кырда ырдаган.
Жайлоо – жинди!
Абройлуу адамды көп жандаган,
Атактуунун аты менен элди алдаган:
– Эстүү – жинди!
Бирөөнүн колу менен чок кармаган,
Беделин айла менен бек сактаган:
– Эптүү – жинди!
Учурашсаң күлүп сүйлөп кучактаган,
Улам кайра жамандап, ушактаган:
– Шектүү – жинди!
Коңшу-колоң, жолдошко эч батпаган,
Кокусунан жолуксаң да кек сактаган:
– Кектүү – жинди!
Эл ичинде бешенеге атып кетсе,
Эч нерсе билбегендей басып кетсе:
– Түптүү – жинди!
Өзүн билип чындыкты бетке айтса,
Сөзүн октой көзүнө ачык атса:

– Күчтүү – жинди!
Чагымчыл ушак көп айткан,
Көмөчүнө күл тарткан:
– Куйту – жинди!
Денесин сатып жан баккан,
Банкрот болбой пул тапкан:
– Сойку – жинди!
Карыз алып ээсинен качкан,
Эл ичинде абийирин саткан:
– Жуксуз – жинди!
Кызарган жерди жулуп алган,
Сулкуйтуп улам сугунуп салган:
– Сук-сук – жинди!
Кызматтык ишин сол алган,
Процент деп сом алган:
– Сүткор – жинди!
Былгытып сөз ташыган,
Былык иштер ашырган:
– Күнкор – жинди!
Алдыга түшүп айкырган,
Акча, аракка алдырган:
– Көчө – жинди!
Ажырап эс-акылдан,
Келбесе ага эч бир жан:
– Өтө – жинди!
**Ылайым Кудай колдосун!**
**Ынтымак элге орносун!**
**Шакаба маани-мазмуну;**
**Коом жинди болбосун!**

# *ДЕПУТАТТАР – ЖАНЫБАРЛАР*

## *(Саясий тамсил-памфлет)*




ЖҮЗ жыл тап-так кылымга толуп,
Миң жылдык туп-туура 2000 болуп.
Жаңы кылым, жаңы миң жылдыкта,
Жаңыча бакыбат жашайлы деп, –
Жаныбарлардын жандүйнөсү ойгонуп.
Жыл башында, үчтүн айынын жыйырмасында,
Жан-жаныбарлар жапырт шайлоого,
Жан талаша киришишти терең ойлонуп...

АЛБЕТТЕ, мындай саясий олуттуу өнөктүккө,
Атпай – журттун баары калбай келишти.
Адегенде, көпчүлүк да… айтылды ой-пикирлер,
Ал гана эмес айрымдары "сүзгүлөштү", "тебишти".
Ар аймакта ар түрдүү көрүнүштөр болду,
Акыры татыктуулар үчүн добуш беришти.

АЛГАЧ эле атаандашсыз ат салышкан,
Аксакал карт КАРЫШКЫР шайланды.
УШУ БАЛИ, ЭМИ ТУРДУ АКЫЛ, – дешип,
Улуу муун сүйүнүчү чоң салтанатка айланды.



ОМСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472935

Карт Какемдин кадырынан уламбы,
Айтор, буга бийликтегилер да кубанды.
Ал эми, атаандаштары көп аймактарда,
Шайлоо өнөктүгү экинчи турга уланды.
Бирок, Какемдей эле кадыр-баркы бар,
Абройлуу АКСАК АТ ачуусун чыгарды.
Мансапка МАС, АЛЫ – күчтүү болсо да,
Атаандаштыктан алгач шайланбай, кубарды.

...Албетте, ал Какеге тең, өзүн гана эсептейт,
Аброй – беделим көпчүлүккө жетет, – дейт,
Жалгыз жарышта жаманатты болгуча,
Жалпы ишеничтен пешенем ачылып кетет, – дейт.
Жок жерден аны шайлабоо керек, – деп чырылдашты.
Жолбун иттер бийлик "заказы" менен ырылдашты.
Кечээ эле чоң кызматтан мүдүрүлгөнүнө карабай,
Намыс үчүн туугандары "итчилик" кылышпады.
Акылдашып, макулдашып, акыры ишеним алып,
АКСАК АТ, бийлик жана көпчүлүк чырын басты.

ОШЕНТИП, ар ким өзүнүн аброй, беделине карата,
Баары аракеттеништи мүмкүнчүлүккө жараша.
Көбү тоо, түз, талаа, токойдо жактап добуш беришти,
Кимдер жаныбарлардын кызматына мыкты жараса.

Саясий өнөктүк – албетте жоопту – бул убак,
Ар кимдин көңүлү ар кайсы жакка бурулат.
Токой башчы – кекеч ЧОЧКО депутат болду деп,
Бардыгын таң калтырган укмуш кабар угулат.

ЧОЧКО пейли: жегичтиги өзгөчө ашкере,
– Кантип? – дешип жан-жаныбар ишенбейт.
А БУ кезде ПИЛЛА артып жүктөөчү,
Төбөсү жоор ЭШЕК жарчы "ишен" – дейт,

Көпчүлүк Чочкону ушундай билишчү:
Ачкөздүккө арааны абдан ачылган,
"Майлуу" токойдо аталып, паракор аппыган,
Айрыкча богоозчулукка көнүп алган.

Кызыгы, кээде өзүн дагы сөгүп алган,
УРУШЧААК деп – ЖАНЫ жай албаган.
Маданиятсыз, сабатсыз жетекчи, жегич атанган,
Оройлуктун "өз атасы" деген элден ат алган.

Адегенде эле бул ишти шерменделик дешип,
Ачык бетке айтышты, Чочкодон коркпогондор.
А бирок тууганчылык, трайбализм өкүм сүрүп,
Алыныштыр добуштар жалаң гана Чочколордон.

Ошентип, кекеч, онтологон Чочко,
Кокустан депутат болот ойдо жокто...
Себебин иликтеп көрсөк кийин,
Көпчүлүктүн билбеген арыз – муңун.
"Ура" – деп асманда гана учкан
Ургаачы КАРЛЫГАЧТЫ утканы уят мунун.
Анткени алсыздыгын мойнуна алыштыр,
Ал эркектей көтөрө албайм деп эл жүгүн...
Эгер чынын айтсак жалпыга калыс,
Жарап кетиштир эркектик гана намыс.

ОШЕНТИП, депутаттыкка ат салышкан,
Жаныбарлардын жарышы болду кызык.
Бардык ишти жасашты мыйзамды бузуп...
Ээн жолдо коч баштап жүргөн,
Карт бойдок болуп ӨМҮР сүргөн.
Базарда бакылдаганы менен,
Бийликтин бийик сересине чыга албаган.
Саясат деп белин бек байланган,
СЕРКЕ да депутаттыкка шайланган.
Көпчүлүк күчүнө бийлик өзү таң калган...

Жана да жандууларды таңсаар ойготкон,
Кызыл тилин жыландай сойлоткон.
Сөзү менен көп АДАМДЫ тойгозгон,
Жөжө КОРОЗ да ишенимге ээ болгон...
Эми, ээлтен сакал эчкиде бар деген,
Кең акырдан көптөн бери жем жеген.

Чоң Суу боюн жашынан мекендеген.
КАРЫШКЫР, АТ, ЧОЧКО мындай ТУРСУН;
БАКЫРЧААК ЭЧКИГЕ да эл ишенген.

Шайлоодо акча, арак, айла-амал кулач жайды,
Кыскасы, жаныбарлар саясий күрөштө сыналды.
ПИЛ менен ТӨӨ добуш үчүн ЧЫЧКАНГА жалдырашты,
Күлкүлүү иштердин кыйла учугу чубалды.

Кызыгы, парламенттен жылуу орун алышты,
Партиялык тизме менен жаныбарлар көптөгөн.
Булар: түз шайлоодо ишенимден өтпөгөн,
Отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн,
Маселен: күчтүү коммерсант КҮЧҮК,
Амалдуу ТҮЛКҮ, аялдар партиясынан ҮПҮП...
Аквариумдагы БАЛЫК, фермер БАЧИК,
Компартиядан: орус жолдошун издеген КҮКҮК.

**Бул – депутат жаныбарлар дүйнөсүнөн тамаша,**
**Памфлеттин мааниси нак турмушка жанаша.**
**Ким кандай түшүнүп, баа берсе да,**
**Түпкүлүгүндө калдайган калк өзү тараза.**
**Менин автордук тилек – максатым ушул,**
**Тамсил окугандын бир жылмаюусуна жараса...**



# *МАСКАРА МАРШ*

***(памфлет)***




Ой-тообо, окуялар өтөт, кетет,
Оокат ичүү адамдарга күндө керек.
Ойлонбой осол ишке аралашсаң,
Онтобой ооруйсуң го, – дечү элек.
Опурулган пикетчи – маскара марш,
Ооз барбайт, айтууга келекелен...

Адамдар: оң-терс мүнөз кыялдагы,
Ар түрдүү төп келбеген кыялдары,
Жол-сахна, бейбаштар-каармандары,
Элестелип спектакль драмдагы.

Көтөргөн ураандары чала сабат,
Көгөрүп, мыйзамсыз иш талап кылат.
Айрандай төгүп жүрөт абийирлерин,
Алданганы: акча, арак, арам тамак.

Бузуку көп, жөндөмү бар бала чактан,
Түк түшүнбөй саясатка аралашкан.
Бирөөлөр пикет десе, же жыйынбы,
Мурдун тыгат эч нерсеге карабастан.

Жүдөмүштөй кейпин кийип келесоонун,
Жүргөн бар ортосунда мас же соонун.
Самтыратып заматта, барк түшүрөт,
Саясий оюн деген, чыныгы балит оюн.

Кимдер? Кимдер?
Мындайда ар түрдүү сөздөр сүйлөнөт;
– Кимдер пикетте кыйкырып жүрөт?
Эл оозунда элек жок, бирөө айтат:
– Аларга сөөк ыргытса эле катуу үрөт.
Маскара марш жүрүштү ким уюштурат?
Булар кимдер? – мыйзамдуу суроо туулат,
Албетте, бийликке кумар, эл бузарлар,
Пикеттин каармандары болуп чыгат.

Алар: ссуданы сугунуп кенебегендер,
Жана кредитти убагында төлөбөгөндөр.
Өзгөчө өкмөттөн пособие талап кылууда,
Согончогу канап, өмүрү бала торобогондор.

Кызыгы, кызматка көзү кызаргандар чогулат,
Бул топко кызматтан согулгандар да кошулат.
Ал эми, ажаан аялдар атайын даярдалып,
Айкырык-кыйкырык болсун деп уюштурулат.

Дагы далай таарынычта жүргөндөр табылат,
Кор, бүкүр, чолоктор да чакырылып барылат.
Жарымжан майыптарга чара көрө албай,
Тартип сактоочулар ыңгайсыз абалга кабылат.

Булардын атын атасак эң биринчи,
Алгач эле чыгыптыр эл бузар Эгинчи.
Ээрчитип алыптыр элирме Эрмекбайды,
Эл алдында мактап койсо "семирчү".

Аларга аралашыптыр бир топ "саясий сойку",
Арасында бар экен тиги такмаза Тойчу.
Ал пикетти банкеттей башкарам десе керек,
Анткени, аш-тойдо дайыма тамада боло койчу.

Апан "айдалган" кампачы Качкынбайды издешет,
Бизге баш-көз болчу жалгыз гана – Сиз дешет.
Эч бир коркпой эл башына туруп бериниз,
Ар тараптан колдоочу да, коргоочу да – биз дешет.


Базаркомдук үч уктаса түшүнөн кетпеген,
Бул орунга далай тааныш салып жетпеген,
Базарбай да чоң убада менен жүрүшкө чыгат,
Аткарылчудай максаты өмүр бою эңсеген.

Абийирин, акылын аракка алмаштырган,
Ага-тууган, жакынына катташуудан ажыраган,
Алыс болуу керектигин көпчүлүк айтышат,
Абийирсиз, ажаан аталган Айымкандан.

Ар түрдүү провокация уюштурган,
Араккеч, жинди, мастардан эл чочулайт.
Арийне, өз үйүнөн түрмөнү сонуп көргөн,
Абактан тажабаган Абакир да кошулат...

***

**Ойлонолу, мекендештер, ойлонолу,**
**Опурулуп от менен ойнобойлу.**
**Азгырылбай утурумдук ар нерсеге,**
**Акыл калчап, эс менен токтонолу.**
**Абийирди, ар-намысты ыйык тутуп,**
**Айкырык, дүрболоңду токтотолу!**



# ОРДО

***Ордодон хан чыкканда,***
***Эреже калат жарабай.***
***«Чур» дегенде баарысы,***
***Ордодо болот таламай.***



Кыргыздын ордо оюну,
Оюндардын сонуну.
Акыл, тартип, күч-кубат,
Эрежеде толугу.
Бала менен атадай,
Чүкө менен домпоюу.
Тамаша менен атышат,
Алчы, таа, оңкону.
Оюнчулар чогулуп,
Ордо орду такталат.
Тегеректе чийилип,
Чеби бекем сакталат.
Баарынан бийик аталыш,
Ордодо хан барктaлат.
Олуттуу тартип, эреже,
Оюнда бирдей жакталат.
Эсептелип чүкөлөр,
Мыктылары тандалат.
Чүкөлөр саны так болот,
Кемирилбей шак болот.

Кемтиги барлар алынбайт,
Хан ордого салынбайт.
Алчы, таа, пок, чиги,
Ар тараптан карап – жар,
Абдан таза чүкөдөн,
Ат тандашат тараптар.
Алгач алчы конгону,
Аткарылып ойдогу.
Топ жарышат биринчи,
Домпой менен колдогу.

Ордо ушинтип башталат.
Сызыктан бут атталат,
Алгачкы кадам ташталат.
Домпой таамай тийгенде,
Чүкөлөр четке чачырайт.
Көргөндө мыкты черткенди,
Көңүлдөр укмуш ачылат.
Бекем кармап домпойду,
Белге коюп сол колду
Сол бутка ороп оң бутту,
Таамай мээлеп оң-солду,
Так тийсин деп чүкөгө,
Чимириш тооруйт оң колду.
Бүткүл денең кыймылдап,
Бел, бут, булчуң оорумак,
Оюндун көркүн чыгарган,
Оңой эмес **тоорумак.**
Атсаң таамай таза ат,
Домпой менен каза ат.
Кадамдан ашпай алысы,
Кадап аткан **кадамак,**
Чимирилип домпою,
Токтойт чүкө аралап.
Тизе бүгүп отурса,
Жыдыбашы каралат.
Чекеден терип черткенде,
Чүкөлөр упай саналат.

**Бай кадамак, бай чертмек,**
Ал өзүнчө аталат.
Бармактары жарылса,
Ордочулар таң алат.
Чүкөнү мээлеп, туш атат,
Ар биринде күч жатат.
Эрежеге ылайык,
Бир оюнчу үч атат.
Экиден баары атышса,
Жалпы чокон болушат.
Конокко чүкө салышып,
«Чокон ат», – деп коюшат.
Чокончу ханды аталбайт,
Чыгара атып бата албайт.
Анан бирден атышат,
Оюн бүтүп жатышат.

* * * * *

Абалак абдан'дал тийсе,
Тоскоолдукка карабай.
Ордодон хан чыкканда,
Ордодо болот таламай.
Чогултушат чүкөнү,
Туш тарапка карамай.
Утуш үчүн умтулуп,
Упай топтоп санамай.
Тополоң болот ханы жок,
Эреже калат жарабай.

* * * * *

**Ажобуз элден качканда,**
**Ордодо болгон таламай…**
**Мына оюнуң сыңары,**
**Оюндун көп сырлары:**
**Тажрыйба, тарых билип ал,**
**Оюңа дайым түйүп ал!**

## *Паспорту жок сен кимсиң да, мен киммин?*
### *("Кайран Кыргызстан" памфлет циклинен)*



Адам болуп атуул туруп,
Паспорту жок, мунуң шумдук,
Шерменделик иши жүрүп,
Жапайыдай өмүр сүрүп,
Мунун өзү – макулуктук.

Өнүккөн өлкө десем,
Өлүктөй өчөт денем.
Эр жигит, бой жеткен кыз,
Паспортсуз кимбиз, – дешет,
Кыйналган калың катмар
Каргашат: «Итпи?» – дешет.

Улутунуп каңырык какшап апан,
Улутунун документи жок тастыктаган.
Ушундай да ыплас иш болобу,
Уул-кыздын убалы урсун жаман.

Оо, капырай, кантип айтсам,
Паспорту жок, сен кимсиң?
Айтчы эми аты-жөнүң жана тегиң,
Атаң туруп мен киммин?

Атам, балам, тууганымды,
Кай документте тастыктаймын.
Атуулдарга бул кордукту,
Ит мингенден пастык деймин.
Шумдугуң кур, дедим эле айтпайын,
Айласыздан ачуу чындык айтайын.
Паспорту жок инимдин,
Паспорту бар итимдин.
Паспортун кармап кызыгам,
Күчүк менен мышыктын.
Паспорту жок уулумдун,
Паспорту бар темир, жыгач буюмдун.
Паспорту жок элимдин,
Паспорту бар жеримдин.
Эми өлгөнгө да паспорт жок.
Эли өнгөндө да паспорт жок.

Ушундай укмуш жагдайдан,
Паспортко пара алышып,
Шылуундар чыгат капкайдан.
Элди сорот мителей,
Семиришип дардайган,
Мурундары барбайган.
Оңой олжо табышып,
Курсактары чардайган.

* * * * *

**Мына бүгүн кез келди,**
**Мындайларды тескейли.**
**Бийлик менен биригип,**
**Мителерди кет дейли.**

***Ош, 2006-ж.***

## *КЕСКЕЛДИРИК*
### *Тамсил-памфлет*



Дароо эле буйрук берип,
Дайындалып келген делип,
Чочугандай чечим чыгып,
Чоң кызматка дароо келип.
Чогулгандарды таң калтырды,
Чуу куйрук Кескелдирик.
Копчулук кол шилтешти,
– Кокуй, бул: шермендедик.
Каалаппаса да какшаттырып,
Каардуу иш баштады сестендирип…

Кадыр-барктуу болгондой сезилип,
Кыйын көрүндү Кескелдирик.
Кызыгы жетекчиликти билбесе,
Же сүйлөй албаса кекечтенип,
Кызарган жерди кыра кемирип,
Кыйла толо түштү го семирип.
Тагдыры чечилээрде,
Тарс куйругун кесип ийип,
Таң калтыра кызмат улап.
Тактысында кала берет,
Ишин билбей баарын билип,
Кооз кабинетке кирип,
Чо-оң эшиктен чыгып,
Жүргөнүн айт мурдун көтөрүп,
Көрүнгөн жерге тыгып…

***


Арабызда кескелдириктер бар,
Ажо алмашканда куйругун кесип…
Артынан жетекчисин жамандап,
Ак адамдай жүрөт өзүн сезип…

***

**Ка-ап, кокуй куйрукту эмес,**
**Мурунду кесер болгондо.**
**Шишиги жетип толгондо,**
**Балта менен чапмакпыз,**
**Бийликтин баркын көтөрүп,**
**Бийик жолду тапмакпыз.**

# *КОДОЛЕК*

## *Саясий тамсил-памфлет*



Эй, Кодолек, Кодолек
Эт балтыры толо элек,
Эми ачылып көзү да,
Эмген сүткө тое элек.
Ээн жердин эркеси,
Эл сыноого кое элек.
Эң белгиси-күл дөбө,
Эч жарышта боло элек.
Эң башкысы, кызыгы,
Эс-акылсыз Кодолек.

Оо, Кодолек, Кодолек
Ооз сүтү кете элек.
Ойт, берет да тез үркүп,
Оң басканды биле элек.
Ойноок жүрүш-турушу,
Ой акылды бөлө элек.
Оңой сезип оокатты,
Оор ишке көнө элек.
Ого бетер оюнсаак,
Оош-кыйыш көрө элек.
От көп жерге жетелек,
Оп майданда боло элек.
Оюн салат ойлонбой,
Ой, Кодолек, Кодолек.

Ай, Кодолек, Кодолек,
Айкыра албай энтелеп,
Арсыз, теги арам, -деп,
Ар ким айтат кекелеп.
Алыс жарыш болоордо,
Аны келет жетелеп.
Ай туяктуу кулундар,
Ар тараптан көп келет.
Арсыз, байкуш Кодолек,
Алсыз болуп сестенет.
Анысына карабай,
Ал жарышка эстелет.
Арыштарын кең таптап,
Аракеттер топ келет.
Ай Кодолек, Кодолек,
Ачык жарыш маарага,
Ат чабымдай кеч келет.
Атпай журтту кейитип,
Ары жок деп, кектелет.
Аброюн кетирет,
Абийирин өзү тепселеп.
Айтор, бийлик менен шайлоого,
Айрым, Кодолектер кептелет.
Ар ким өзүн билсе, -деп,
Айтыш койсок эп келет.

***

**«Эл дарбыса,**
**Эшек кошо дарбыйт», – деп,**
**Эчен кылым,**
**Эзелтеден калган кеп,**
**Эл оозунда элек жок**
**Эми дагы эмне дейин…**
**Эх, Кодолектин чуркаганы,**
**Эң узагы күл дөбөгө чейин…**

# *БИР ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ КӨП ПАРТИЯ*

### *Памфлет-партияларга*




Капырай, эмне десем,
Кадимки үйгө келсем.
Партиялар парадына,
Тырышты менин чекем.
Ура-алап, – эркиндик, – деп,
Эч бир сөз укпайт экен.

Ар дайым сөзү бекем,
Атам өзү – «Ата Мекен».
Ааламда эч баалангыс,
Апам болуп – «Ар Намыс».

Абам алжып жатса дагы,
– Адал иш, – дейт «Партократ».
Абалы тың дымак күткөн,
Агам – «Социал-Демократ».


Ишке минген «ак тулпар»,
Илим менен алга учар,
Ийгиликке жетем, деп
Иним экен – «Ак шумкар».
Жээним – «Республика»,

Жеңем дагы ага мүчө
Желегин көтөрүүдө,
Желбиретип эл көзүнчө.
Баш көтөрүп өкүм сүйлөп,
Башкаларды тааныган бүт,
Баарынан да мекенчил деп
Балам болду – «Ата Журт».


Кызык сөзүн айтышып,
Кызым, келин, карындаш,
Кыйкырышат тим эле
– Кыйын, - дешет «Замандаш»?..

***

**О, кокуй, заманым ай,**
**Мунуң өзү кандай жагдай?**
**Бир тамчы кан бириге албай,**
**Ар кимибиз партия деп,**
**Мүчө болуп кирип албай,**
**Үлгүлүү үй үтүрөйдү,**
**Үй-бүлөлүк абалым ай...**
**Түпкүлүгүн түшүнөлү,**
**Тынчтыгыбыз болмок кандай...**
**Ыдырабай биригели,**
**Ынтымакты чогуу таңдай...**



# *КИТТЕР, ИТТЕР, БИТТЕР*
## *(памфлет)*



Киттер, киттер…
Килейишкен чоң күчтөр.
Океанды, деңизди жара сүзсө,
Кыймылынан толкундар да гүргүштөөр.

Оо… Суу дүйнө, кенендик бу…
Мекендешип терендикти.
Алп денелер чалкыйт эркин,
Жол кылышып кенендикти.

Кенендикти тар жерде жүргөн билет,
Тереңдикти тереңге түшкөн билет.
Бийиктикти бийикке чыккан билет,
Билегиндин жоондугун күчтөн билет.

Бийикте же тереңде издери бар.
Бийликтин, байлыктын да киттери бар,
Билип-билбей арсылдап үргөн сымал,
Бирөөлөргө тукурган иттери бар.
Бырыш-бырыш бүктөлгөн ычкырдагы,
Быжыраган бырсылдак биттери бар.

Киттер, киттер…
Ал жетпейт, кол да жетпейт,
Акыл жетпейт, айыштоого жол да жетпейт.
Абройбу, күчүбү, же байлыкпы,
Алардан оңой менен абийир кетпейт.

Иттер, иттер…
Карасаң дөбөтү бар, канчыгы бар,
Карс-карс үргөн тантыгы бар.
Кыңшылаган, кыр көрсөткөн,
Кыбыраган кандеги бар,
Мастандай үрөйү суук,
Машкелердин мандеми бар.

Канчыктары көтөрүп куйруктарын,
Каратышат көңүлүн буруп баарын.
Жулупушуп акча үчүн үрүп жүрөт,
Жугундуга тыгышып тумшуктарын.

Арасында талтаңдайт тантыган ит,
Ак сарайдан сөөктү аңдыган ит.
Ар ким чыкса алдынан арсылдаган,
Аралашкан арбайган алжыган ит.
Көчөдө да, кеңседе да, короодо да,
Алжыган ит, тантыган ит, аңдыган ит.

Сөөк ыргытып тукурса, ээсин таштап,
Жолоочуну ээрчиген самсыган ит.
Алжыган ит тантырап жоктон үрөт,
Самсыган ит бузукуну коштоп жүрөт.
Чоң жолдо, аянттарда топ-топ болуп,
Аңдыган ит пикетке деп жоктоп жүрөт.

Биттер, биттер…
Кибиреген, быжыраган, кыбыраган,
Чоңойгон сиркелери бырсылдаган.
Палиттик да жакшылыктай саналган,
Булар өзү кир-кокочтон жаралган.
Тазалыкты жаналгычтай караган,
Кир ычкырды уясындай самаган.
Жакшылыкты түк ойлобойт түбүнөн,
Анткени, алар булганычтан тараган.

***

**Байлык, бийлик, мансаптын бу киттери,**
**Саясаттын арсылдаган ар иттери,**
**Жамандыкка жабышкан ал биттери,**
**Жашообуздун чыныгы мителери.**

# *МАС МАСТАН*
## *(памфлет-жанытма)*



Айтор, памфлеттеги каарман,
Ачыгын жашырбай айтсам,
Абийирин аракка саткан,
Ажаандыгы чектен ашкан:
Атасына жок дедирип аттапткан,
Апасына бок жедирип какшаткан.
Адамдыгын жоготкон мас Мастан.
Башын кармап «пахмел» сурап,
Бөтөлкөгө баш каткан.
Баркын бийик көтөрөм, -деп,
Бөтөн жерде каш каккан.
Батыл сүйлөп, жүз граммды,
Бачым куйса, бак тапкан.
Баарын коюп арак деген,
«Бактылуу» бул-мас Мастан.


Бу мас Мастан, мас Мастан,
Бактысы бөтөлкөгө куюлгандай,
Баш жазууга тез баскан.
Бардык жыргал туюлгандай,
Бардагы бу стакандан, арактан.
Балдарынын урушунан,
Базарга деп, үйдөн качкан,
Беттен алып, бейжай сүйлөп,

Бирок, качпайт чатактан.
Бир туугандын акыл сөзүн,
– Бул ушак, -деп тажаткан.
Беймаани сөз-кеп жебеген,
Бүт тууганга таш аткан.
Баласын атасына тукуруп,
Бүлөлүк абийир ачкан.
Жакшылык жолунан качкан,
Жамандыкты пейлинен тапкан,
Мас жатында төрөлгөндөй
Каар мүнөз дилине каткан,
Калпты чындай айткан,
Заар сөзүн тилинен чачкан.
Бүткөн иштин ээси болуп,
Эринен да аша чапкан.
Инисине жардам берет,
Иттен, койдон жана аттан.
Жандаганы: сойгон түлкүдөй,
Белчесинен карызга баткан.
Алдаганы: тууган, коңшусу,
Адамдарды абдан какшаткан.

**Эй, мас Мастан, мас Мастан,**
**Эр, баласын жадаткан.**
**Арылса экен батыраак,**
**Араккечтик адаттан!**



# *ТҮЛКҮНҮН БЕТ КАБЫН КИЙГЕН КАНЧЫК*
### *(памфлет)*



Тамсил – памфлеттин кейипкерин,
Таамай атабасак болбойт ачык.
Ал түлкүнүн бет кабын кийген,
Кадимки эле карт КАНЧЫК.
Кызыгы, жойпуланып түлкү болгусу келет,
Түбү – теги ит экенинен баш тартып.
Канчалык түлкүнүн бет кабын кийсе да,
Канчыктыгы турат ачык байкалып.
Ошентсе да, түрдүү амал-айла менен
Жагынгысы келет жетекчиге жайкалып...

Ургаачылык улуу касиетти сактап,
Упа – атырды уучтап бетине чаптап,
Өзүн дайыма жаш алып жүрүүгө тырышат.
Өзгөчө бет териси сүрүлүп, моюнга бырышат.
Кылкылдап кылыктанып, жаш болгусу келсе да,
Көргөндөр карылыгын дароо туюшат.

Куйругун шыйпаңдатып белги берет,
Кыялында ысык ойнош болгусу келет.
Жанагы ар кимге үргөн жаш КҮЧҮК менен.
Мына кызык, канчыктык-итчилик деген.

Каптсин байкуш, ургаачылыктын убайын көрбөсө,
Ит кыялы тутканда кеп-сөзгө көнбөсө,
Тагдырдын тамашасыбы, пейилинин жазасыбы?
Жашында жүрүш-турушун, жоругун оңдосо,

Жалгыз жашабай, бир Дөбөттүн...
Ит аягына ээ болмок, такыр болбосо.

Ошондуктан жүрөгүндө арман сыздайт.
Бактысыздыктан денеси, көңүлү муздайт.
Саясатты билбей, сасык саясатка аралашат,
Саясий сабатсыздыгынан булганыч жолду басат.
Себепсиз эле бирөөнү жамандоого шашат.
Жалганды чындай айтып, албууттанып,
Кызарган жерге баруута жанталашат.

Анан кантсин бечара, багар Дөбөтү болбосо.
Ардакталгыдай эл ичинде дөөлөтү болбосо,
Айың-ушакты иш катары санап келет,
Анткени, кара жанып ит катары багыш керек.

Жалпыга маалым, жоругун айтса оболу.
Жеке кызыкчылыгын коет баарынан жогору.
Чынында, анын айласыз иштерин,
Чычаласа да элге билдирип коелу.

Өз кесибин так өздөштүрө албай,
Өтө көп кызматка тумшугун тыккан.
Чагымчылык, ушакчылык иштеринен,
«Чуу куйрук» аталып чыр чыккан.

Алгач комсомолдо иштейм деген,
Адегенде эле жаштардан "оозго" жеген.
Анткени, ага зор уюштуруучулук,
Абийир, аброй-кадыр керек экен.

Анан эсеп-кысапта эмгектенем деп,
Ар ишти астейдил аткарчудай тенеңдеп.
Ал жерден да чыгыптыр чоң чатагы,
Ар кимден сөгүү угуптур «энең...» деп.
Абийири кеткен соң, араң качыптыр,
Аброюна айтыла баштаганда терең кеп.

Эл дарбыса, кошулуп дарбыйт болуп,
Эң кызыгы, эркин кесипти тоорул,
Эки ооз сөздү эптеп жазалбаса да,
Өзүн калемгер атагандыгы – келесоолук.
Чындыгында, чыгармачылык чөйрөдө,
Бул көрүнүш – кадимки күлкүлүү жорук.

Айласы кетип, анан эмне кылууну ойлойт,
Атпай журтту күнү-түнү кыдырып жойлойт.
Атасынын атынан эски тааныштарга барса да,
Атаганат, пешенесине кызматтан жолу болбойт.

Ал гана эмес, Ак үйгө да тумшугун тыгат.
Анда да абийири кетип, чуусу чыгат.
Куйтуланып жөн жүрбөгөндүгүнөн
Кызматынан чагымчылыгы үчүн куулат.

Кыялдануунун зыяны жок го, демек,
Ошентип, түркүн айла-амал ойлопо берет.
Ойкуштанып, түрлөнүп, ТОТУ КУШ эле эмес.
Өзүнө өтө сак, бирок, сук аталган,
Шакылдаган САГЫЗГАН да болгусу келет.

Өтө акылдуу, айлакер сезип бир өзүн,
Ит кыялын, же билбейби мүнөзүн.
Кызыгы, куйругун котөрө арсылдап,
Кадырлуу карт Бөрүгө үргөнүнө күлөсүн.
Канчыктык мындай жорукка!
Күйөсүң да, күйөсүң...

***

**Адилет, ачык айтып койгонум жакшы,**
**Аягында тамсилди жазганымдын себебин.**
**Анткени, мындайлар турмушта кездешсе да,**
**Арабызда эки жүздүүлөр болбосун дегеним.**

# *МАНСАПКОР БАЛТЕК*
## *(тамсил-памфлет)*



А-бу иттин баласы тентек,
Аты-жөнү кадимки Балтек.
Ыргытсаң сөөк кажыйт,
Ырылдап үргөнү кантет?
Улагада жугунду аңдыйт,
Улам берсең дагы бер, -деп.
Жашоосу болгону ушундай,
Көргөнү иткана-ушул жай.

Кадыр-барк табайын-деп,
Кызыгы, саясатка ыктайт.
Кызмат, бийликке тумшугун тыгат,
Анысынан да майпап чыкпайт.
Оңой го деп ой коет,
Оболу депутат болуусу ойлонот.

Кыялданган мүдөөсү укмуш,
Балтек эмес Бөрү болуш.
Анткени корүнүшү окшош,
Жүргүсү келет Көкжалды коштоп.
Бирок, жаныбарлардын да сыры бар,
Бөрүлөрдүн өзүнчө сүрү бар.
Бийик үн менен укмуш улуган,
Бир тамгалуу «гимн-ыры» бар.


Байкуш, Балтек кантсин анан,
Баарынан да абийир кеткен жаман.

Жалгыз тамга «гимнге» тили келбейт,
Алгач улуганды үйрөнө албайт.
Аракети итчиликтен арылбайт,
Арсылдап үргөнү калбайт.
Сүрү жок, суу жүрөктүгүнөн,
Далай бел ашкан жортуулга барбайт.
Ар ким тегин, алын билсе,
Аты-затына жараша аброй күтсө.
Ошондон сөз калган дешет:
– Жаман ит ээсин кабат.
Жакшылык жасасаң өмүр бою,
Ит иттигине эле барат.



## ЭЧКИ

***(тамсил-жанытма)***



Дардайган сары Теке,
Ачуу эрмендеи кырт эте,
Чалкалай басып кыяны,
Ээлеп келе жатса жеке.

-Ии, көңүлдүү өтсүн
Эс алууңуз кечки.
Капыстан пайда болду
Чунайган бир токол Эчки.

-Мм-маа, ден соолукка
пайдалуу, - дешет,
Эс алыш басуу кечкисин.
Көңүл кушун апсайын көтөрөт,
Жанында болуу
сиздей эчкинин.

Узарта койбой кепти
деди токол Эчки:

-Сиз менен келбейт келишким,
Айтканыңызга териктим.
Анткени, мен жаңы гана,
Жетилген чебичмин.

Ансайын көтөрүлүп,
Сары Текенин көңүлү.
Чебичке тим эле жароокер,
Жоомарт болуп көрүндү,
Аябай агылып төгүлдү.

Анан бири-бирин жыттташып,
Кулак, мурдунан жалап-жукташып,
Жөнөп беришти береги,
Жарчакты көздөй тупташып.

Аңгыча аркы колоттон,
Ма-маалап жарыша чуркап,
Чөп-чарга чалына кулап,
Токол Эчкиге келе жатышты,
Жүдөңкү эгиз Улак.

Ошондо бошошо түшүп энелик Эчки,
Көзүнөн жашы кулап,
Сары Текеден айбыга кечирим сурап,
Улактарына кайрылып,
Кала берди токол Эчки.

**Мейли эми,**
**Жайлоону коздоп,**
**Жар-жарда секирип ойноп,**
**Көбөйө беришсин кадимки эчкилер,**
**Бирок, бизди өкүнткөнү:**
**Көбөйүп кетишти балдарын таштап.**
**Шаар-шаарлап"Мен кызмын",**
**- деп жүргөн Келин-кескилер.**

# ЖОРОЛОРДУН КАРТАСЫ
*(азил-тамаша)*



Жолуга эле калса канчасы,
Жоролордун башталат картасы:
Белдүүлөр баары беттешти,
Бекболотов "беш" кетти.
Бешене жарык – ажо сүр,
Бергени кудай эп, – дешти.
Кыйын сүйлөй, жутам, – деп,
Кыжыйып жатып утам, – деп,
Кызыл жалаң акчасын,
Кымтыйтып ийди Бакебиз.
Кымырып салып алышты,
Туке менен "тиш" Такебиз.
Туздар чыгып култуйду,
Түрдубаев да туйтунду.
Тыйынын кыйла уттурган,
Тыныбеков кыйтыйды…

Жоролордо адаштар:
Журналист, тиш Таланттар.
Фамилия менен айтылат,
Кубаныч квадраттар.
Бирин бири дос, – дешет,
Бир картаны кош, – дешет.
Алишеров ак көңүл,

Алдатып ийип бош кетет.
Ал[illegible]л аке: – Махмуд, – дейт,
Окшоштуруп таптык, – дейт,
"Мергенчини" уттук, – дейт.
Мунун өзү куттук, – дейт,
Асекке карта жагат, – дейт,
Ар дайым "үч кол" табат, – дейт.
Утканын улам кымырып,
Ич чөнтөккө салат, – дейт.

Этият бол, "сварда",
Дайым утуп алат, – дейт.
Көз айнекчен көзү ачык,
Эрмек ойноп жатат, – дейт.
Баштарын карап баш ийкеп,
Манапты Абыл адаш, – дейт.

Көрбөй ойноп картасын,
Жолборс жүрүш дагы бар.
Азил-какшык так айткан,
Адыл күлүш дагы бар.
Үч картага бөлүшкөн,
Туке утуш жагы бар,
Эки жүздү бир алган,
Мергенчи жутуш – жаныбар.
Үч жети чыкса чырлашып,
Таке бузуш дагы бар,
Унутпаган утканын,
Эсепке так жагы бар.
"Үч колду" да ачтырган,
Макешин өз сүрү бар.
Кээде жаап картасын,
Кеткенин алган түрү бар.
Момоюп ойноп билгизбей,
Мокешин өз үнү бар.
Сылык-сыпаа "өттү" деп,
Шыпырып утат билип ал.
Расул болсо шарт жүрөт,

Утулган сайын март жүрөт.
Карта оюну тамаша,
Каткырык күлкү караса…
"Алтыным" Каке эстелди,
Адатындай кеч келди.
Ачык айтыш, үч тузун
Ойногону ойлонтту.
"Отузда" бекем отурган,
Расулду шорлотту.

**Болгондо толук жоролор,**
**"Бузулган колдор" оңолор.**
**Көңүлдө чөнтөк санашты,**
**Жайдары жалпы тараштты.**



# *САУНАДА ЖОРОЛОР*



Жыйналышып жоролор,
Учурашты сагына.
Эс алууга ыңгайлуу,
-Жакшы, -дешти сауна.
«Жылуулук борбор» тандалып,
Жактырышты жабыла.
Убакыт-саат болгондо,
Бир-бирден келди агыла.
Кечке күтүп Какебиз,
Келген экен табына.

Кызыгы…
Министр, мэр кыстаса,
«Калпакта»…
Сөзүнө бекем туруптур.
Бирок…
Музоосунда бир сүзгөн,
Мукан аке бузуптур…

Бейжай мастык, берген чай,
Беймаза кылды «балдарды» .
Беш мүнөт ойноо картаны,

Беш жүз сомго бааланды.
Бет жуугашга сүйүнүп,
Бет алганда үйлөргө,
Шопурлар да таң калды.
Жинди мастан качкандай,
Карта ойнолбой жан кайгы…
Болбой калды эс алуу,
«Шекербек» кайра тандалды…

Тараганда жоролор,
Кызыгы кийин башталды.
Кызыгандар ыкыйып,
Кыйла желбей аш калды.
Сопсоо туруп сопулар,
Чыгарышты жанжалды.
Өтүктөрү алмашып,
Турдубаев бош калды.
Кеткендерден күмөндөп,
Телефон менен тез чалды.
Турдубаев тызылдап,
Алалбай кыйла кыйналды.
Экөө тең грамм ичпеген,
Машинада бир жүргөн,
«Мергенчиден» таап алды.
Окшош бирдей өтүктүн,
Жаңылыгы такталды.
-Аялым тааныйт эле, - деп,
«Мергенчи» абдан актанды.
Өтүктөр болуп күпөөлүү,
Сопулар кызык акталды.

***Январь, 2007-ж.***

# *ЧОЧКОНУН БАШЧЫ-АКИМДИГИ*

***(саясий тамсил – памфлет поэма)***



## 1. БИЙЛИК БОСОГОСУНДА

Күндөрдүн бир күнүндө,
Тогошоор мезгил кылымга,
Жылдардын Доңуз жылында,
Жашырбай айтсак чынында.
Мыйзамдуу бошой элек орунга,
Чоң токойдун башчы-акимдигине,
Күтүүсүз дайындалды ЧОЧКО.
Чукул чакырылгандар жыйынга,
Оoздору келбей жөнөкөй кепке.
Айраң-таң болушту го көпкө,
Анткени, токойдогулардын баары,
Аны жактырбай четинен сөксө.
А бирок, эми эмне кылмак элек, – дешти,
Сессия макулдугунан да формалдуу өтсө…

Ошентип, көпчүлүктүн көңүлү толбосо да,
Депутаттар саны жетиштүү болбосо да,
Бийлик, макулдук, зордук күчү менен,
Чочко башчы болду, чоочун токойго.
Кээде иш болот тура келбеген ойго,
Эми бийликтин баары чочколук колдо,

Өзү билет, эмнени жасаса оңго же солго.
Бирок, Чочко деген чочко да дешип,
Чогулгандар баш чайкап чыгышты жолго…

## 2. ТАККА ОТУРГУЗУУ АЗЕМИНДЕ

Акылдуулар алыстан карап байкашты,
Кошоматчылар, коммерсанттар дароо жандашты,
Башчыга эң жакшы иш бөлмө тандашты,
Бийик тактыга отургузуп куттуктайлы, – дешип,
Озунгандар ордун мыктылап даярдашты.
Азем менен Чочкону алып киришкенде,
Отургуч жок, аны издеп карайлашты.

Жамандыктын белгисин туюштубу,
Ырымчылар өздөрүн ала качты.
Арасынан бироосу чуркап барып,
Отурганга бир стул араң тапты,
Бул аземдин абийирин эптеп жапты…

Чочко деген чочко да, уялбады,
"Шибегеге" отурганын туя албады.
Уят кылган жасакер, жандоочтору,
Куттук айтып, кол кысып суналбады,
Көзүн тиктеп жанына туралбады,
Мындай иштин себеби суралбады…

– Так ушинтип, башталган, – дешет,
Башчы Чочконун алгачкы иш күнү,
Аны Чочко кайдан билип, түшүнсүн,
Бу жакшылыктын белгиси эместиги түбү.
Биринчи бизнесмендер келе башташты,
Куттуктаганы эшик жыртып, күнү-түнү,
Мансап, акча, парага азгырылып,
Заматта өзгөрүлдү анын түрү, үнү…

## 3. ЧОЧКОНУН ЧОЧУГАНДАГЫ ЧЕЧИМИ

Анан, чоң токойдун бийлигиндеги Чочко,
Жатып алып, ойлонуптур чалчыктагы чөпкө.
– Акылдуута акылым жетпесе, балбаны башыма тепсе,
Күлүм сапырылып, заматта учат го көккө.

Кокуй, ишти өзүмө ылайык кадр тандоодон баштайын,
Болбосо күйүп кетем отко, учуп кетем окко, -
Дейт, да акыры мындай чечимге келиптир;
Тезинен кадр алмаштыруу эле эп го…

Алгач жергиликтүүлөрдү жок кылуу керек,
Анан бирин-бири чукугандар өзү келет.
Демек, эки жүздүү кошоматчы, жагынгандар,
Сурабасаң да башкалардын айыбын айтып берет.
Ошентип, аттуу-баштуулар куугунтукка түшөт,
Чочконун чолок акылы акыры ушуга жетет.
Мурдагы "чоңдун" куйруктары деген шылтоо менен.
Жергиликтүү кадрлар мыйзамсыз кызматтан кетет.
Бош орундарга Чочконун дос-жолдоштору,
Өздөрүнүн бир катар кадрларын сунуш этет.

Бирок, Чочконун чочкодой мүнөзү бар,
Бийликтеги пас түшүнүгү: жалгыз өзү бар.
Мыйзам да, коомдук пикир да шоона эшпейт,
Баардыгын "мен жеке чечем", – деген сөзү бар,
Анткени, ал өзүмчүл, өтө эле ичи тар.

## 4. ЧОЧКО ЖАНА АНЫН КОМАНДАСЫ

Чочко, ошентип, өзүнө кадр тандоону баштайт,
Калган иштерди көз жаздымда таштайт.
Маданияттуу, илимдүү иш билгилердин,
Арасынан тандалып, бири да ага жакпайт.
Анткени, абройлуу, акылдуулардан айбыгып,
Абийири ого бетер кетип калышын сактайт.
Андан көрө, айтканды айныбас аткаргандар керек, -деп,
Алардын аты-жөнүн, даректерин тактайт.

Алгач орун басарлыгына дароо дайындайт,
Ийин казып үйрөнгөн "Кызыл китептеги" ЧӨНДӨЛӨЙДҮ.
Анан мыйзамсыз ишке машыккан Чочко, "зарыл кадр"-деп,
Юрист-кеңешчи кылып алат, делдең кулак МӨНДӨЛӨЙДҮ.

Кийин, калган орун басарлар кезек алыштыр,
Саясатка да, талаа жумушуна да "абдан макул",

Алаң көз, дежур кадр КОЕНЕК да дайындалыптыр.
Эң кызыгы, чоң токойго адашып айдап киргизген,
Сабатсыз ТОРПОК, эки жүздүү ЭШЕК оозго алыныптыр.
Кашек бериш кызматын көрөйүн деген го,
Торпок – орун басар, Эшек – жарчы болуп калыптыр.
Дагы бир орун басарлык орун бош экен, -деп,
Сай ташынан короо курган бок курсак КҮЧҮК барыптыр.
Ага да кызмат берип, кадрларын жалпыга жар салыптыр.
Ал эми аппарат менен иштөөгө, алыс барбай,
Жакынкы колхоздон эле үй ӨРДӨГҮН алдырыптыр.
Катчысы түлогон ТҮЛКҮнү бөлүм башчы кылганда,
Экөө тууралуу күбүр-шыбыр, ар түрдүү кеп айтылыптыр,
Кыскасы, Чочко каалагандай өз кадрлары тандалыптыр.
Бирок, буга көпчүлүк абдан айраң-таң калыптыр…

## 5. АБИЙИРСИЗ АГЫТЫЛГАНДАР

Жаңы кадрлар жабыла өз кызматтарына киришишет,
Эң негизгиси эле – башчыга жагынуунун жолун издешет.
Чочконун чорт кыял-жоругунан чочуша коркушуп,
Баары бир оздон: бактыбызга жаралган жалгыз Сиз дешет.
Душмандарыңызды биротоло жайлап, түбүнө жетебиз,
Эмне тапшырма болсо да жарай турган – биз, – дешет.

Кызыгы, жалпыга жосунсуз жоругу менен таанымал,
Алгач башчыга жагынууну баштайт, эки жүздүү ЭШЕК.
Чуукуйрук аталып, согулуп жүргөндө терип тезек,
Эчен жону жооруганда айыктырып, бапестеп баккан.
Эски өз ээсин жамандап жар салып, абийири кетет.
Анын арам оюна көгүш КОДОЛЕК да жетеленет.
Эки жүздүүдөн этияттан, эмчегин эмген энесин кечет,
Жетиштүү болоор, Эшекке эч, түк жакшылык жок десек…

Эшек дарбыса, МӨНДӨЛӨЙ кошо дарбыганы да кызык,
Эч бир күнөөсүз өз агасын ал чукуганга өтөт.
Аны каралоо материалдарын органга сунуш этет.
Бирок, анын чындыгына юрист МӨНДӨЛӨЙ эмес,
Жогорку Сот мыйзам чегинде эле жетет,
Акыры, алардын ишинин баарын мыйзамсыз деп чечет.

Абийири төгүлгөн Чочко ары-бери ойлонот,
Бийликтеги биринчи кадамында эле осол болот.
– Эми өзүмдү сынап, кадыр-баркымды көтөрөйүн, -деп,
Саясатта, саясий оюндарда жеңүүнү максат коет…

## 6. ДЕПУТАТТАРДЫ ШАЙЛООДО

Ангыча Жогорку Кеңешке депутат шайлоо башталат,
Саясатка жапырт киришипип, чарбалык иштер дагы калат.
Аалымды, байларды, бийликке каршыларды өткөрбөө үчүн,
Жаңы дайындагандарынын бири калбай тапшырма алат.

Алар өз мансабы үчүн, өз туугандарын каралайт,
Торпок, Эшек баш болуп, эски табакташтарын жамандайт.
Ошентип, командасы эки ай бою тынбай токой аралайт.
Бирок, иштин натыйжасы башчыны канааттандырбайт,
Себеби, кара тизмедегилер баары ишенимге ээ болот.
Кошоматчылар: начар иштедик, кечириң, -деп жалдырайт,
Чынында, бул өнөктүктө эки гана кемчилик байкалат:
Биринчиси, көпчүлүктүн Чочкого өчөшкөндүгү аныкталат,
Экинчиси, кадрларынын кадыр-барксыздыгы такталат.

## 7. БОРБОР БАШЧЫСЫН ШАЙЛООДО

Чочко дагы, ары-бери ойлонот, катуу толгонот,
Оор үшкүрүп, мындай чечимге келип токтолот:
Чоң токойдун көп жаныбар жашаган борборуна,
Ишенимдүү башчы шайлап алууну эп көрөт.
Анткени, өз колдоочусу болбосо, көпчүлүк жеп коет.
Бийлиги, кадыр-баркы да чоң токойдо жок болот.

Бул орунга өз талапкерлерин чертип тандайт,
Тууган-дос, тааныш-тамырлардын бири да калбайт.
Эң акылдуусу, куусу, жердешим, ушул жарайт, – деп,
Бакма БАЧИКТИ борборго башчылыкка таңуулайт.
Канча колдосо да, ал шайлоодо жетиштүү добуш албайт,
Ошентип, жан тарткан бечара Бачиги башчы шайланбайт.

## 8. ТӨРАГА ШАЙЛООДО

Чочконун башы маң болуп, эми чындап айланат,
Жергиликтүү депутаттар менен иштөөгө шайманат.

Антпесе, иштери ирип, өзү биротоло жайланат,
Ар бир депутатка аппараттан экиден жан байланат.

Кыскасы, торага шайлоого баары катуу даярдалат,
Кызыгы, чочконун кадры өз талапкерлигин алат.
Натыйжада, аны тоотпогон, Падышага да кер сүйлөгөн,
Жапайы КАМАН көп добуш менен торага болуп шайланат.
Бул шерменделигине ЧОЧКО өзү да өтө таң калат…

## 9. БҮТКҮЛ ДОБУШ БЕРҮҮДӨ (РЕФЕРЕНДУМДА)

Эми эмне кылуу керек, – деп Чочкону катуу ой басат,
Эптеп улуу даражалуу падыша АРСТАНГА жагууга шашат.
Анын бийлигин өмүр бою узартуу демилгесин көтөрүп,
Жан-жаныбарлардын бүткүл добуш берүү идеясын табат.

Ошол замат, ал "референдум атасы" аталат,
Мындай жөрөлгө жогоркуларга да майдай жагат.
Ошентип, Чочко чоң иш баштап, чоң ишенимге кирүү үчүн,
Илгери токой бийлеген карт БӨРҮНҮ кеңешчиликке алат.
Ал эми, дайыма бата берчү тантык ТӨӨ өзү барат,
Алардын Бөрү, Төөлүгүнө карабай, тоту куштук милдет тагат.

Буларга да бир топ дежур кошоматчы, жасакерлер кошулат,
Кол топтоо, үгүт иштерине көп каражат ыксыз жумшалат.
Натыйжасы, мыйзамсыз иш болуп, тилектери таш кабат,
Кадыры кеткен карт Бөрү менен тантык Төө калат жер сабап.
Бу жолку таш жарган идея да жараксыз аталып ташталат,
Ошондон кийин Падыша шайлайбыз, – деген сөз башталат…

## 10. ПАДЫША ШАЙЛООДО

Бул саясий өнөктүк тууралуу дароо эле тарап кетет кеп,
– Демек, Падыша шайлоо башталса, мындай кылуу керек – деп.
Айбаттуу, кайраттуу Арстанды гана колдоп берет элек, – деп,
Баягы кошоматчылар дагы келишет, Чочкону тегеректеп,
Ал эми орун басарлары жолой алышпайт чебелектеп.
Айрымдары качып жүрүшөт, сөгүнөт деп, жемелейт деп.

Башка айла жок, кайра эле баары бөжүрөп чогулушат,
Бул-өтө жооптуу иш, – деп бири-бирине талап коюшат.

Токойдогу жапыбарлардын баары жапырт киришишип,
АРСТАНдын талапкерлигин гана колдоону сунуш кылышат.
Формалдуу, кагаз менен алгачкы аракеттери дурус болушат,

Албетте, шайлоого абдан шайма-шай даярдык көрүшөт,
Жер-жерлерде үгүт-насаат иштерин улам күчөтүшөт.
Арстанды бир добуштан колдогонго, Чочко сүйүнүп жүрөт.
Бөлөк аймактардан башкалар көрсөтүлбөсө, – деп кулак түрөт,
Чоң токойдо темирдей тартип, кадимки диктатура өкүм сүрөт,
Бирок, саясий партиялар, түрдүү кыймылдар түп көтөрүлүшөт.
Башка токойлордон да бир нече талапкерлер көрсөтүлөт,
Көпчүлүк демократиялуу, атаандаштыкта шайлайбыз, – дешип,
Натыйжада, ушундай чечим чыгарган жалпы жыйын өткөрүлөт.

Эми чоң саясий күрөш башталаарын Чочко далысынан туят,
Ал Арстан менен чоң-чоң жолугушууларды уюштурат.
Айбаттуу талапкердин айткандарын чогулгандар муюп угат,
Атайын даярдалгандар, жерге койбой бир оздон мактап чыгат.
Атка минер ашкере жасакерлер, алакан чаап, жактап турат,
А Чочко болсо: чоң процент берем, – деп убада кылат,
Чынында Арстандын аброю бар, баары жактырат.
Ал жөнүндө атпай журт алкоо айтып кеп курат,

Бирок, маселенин төркүнү башка экенин ким туят?..
– Башчыбыз маданиятсыз Чочко болгондугу – шерменде, уят, -
Дегендер чыгып, көпчүлүктүн көңүлүн башкага бурат.
– Ка-ап, Арстан чеки иш кылды, турса болмок бир аз чыдап,
Чочкого ишенип, абийирин кетирет, – дейт карт Кашкулак.
Аны Аюу, Кирпи, Түлкү жана көптөрү колдошот сөзүн улап…

–Анан кызматтан түшкөн, депутат КАМАН көпчүлүккө күрүлдөйт:
Эсибизге келели, башкысы Чочкого ишенгенден түңүл, – дейт,
Азыр демократия, азгырылбай адашпай шайлагыла,
Терең ойлонуш керек, саясий иштин эң түбүн, – дейт.

Андан ары сөзүн улап: – Жолдоштор, мага да көңүл бөлгүлө,
Ар бир талапкерди жакшы талкуулап, таразалап көргүлө,
Менимче, илгери адамдар маймылдан эле жаралган дейт,

Өз токоюбуздагы МАКЕНИН талапкерлиги да каралган, – дейт,
*Эмгекти билет, жер-жемиштерди мээнети менен өзү терип жейт.*
Эч кимге жамандык кылбаптыр Пайгамбар жашына келип, – дейт,
Түз, таза жүргөн ушуну шайлайлы, добушубузду берип, – дейт…

## 11. ШАЙЛООНУН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА

Ошентип шайлоо өтүп, жооптуулардын баары топтолот,
Жыйынтыгын чыгаруу убагы келип, ишенимдүүлөр жоктолот.
Процентти уккан Чочконун сырты жалын, ичи чок болот,
Ишенгендерин катуу секкендө, бирден безип жок болот.

Аз жерден Арстандын өтпөй калуу коркунучу туулат,
Чочко жооптууларды процентти дагы көтөр, – деп куурат.
Кызматынан корккондор алынын жетишинче тууралайт,
Ошондо гана алардын "күнөөлөрү" бир аз жуулат.

Бир катар жалган-жашык протоколдор жазылат,
Каршы добуш берген баракчалардын көбү бузулат.
Ашып калгандардан Арстандан башкасы сызылат,
Чочко баш болуп, көбү процентти көбөйтүүгө кызыгат.
Бирок, бүт аракет болсо да, элүүдөн ашпай кысылат,
Түпкү натыйжа ушундай төмөн процент менен бычылат.
Чочко буулутат, шараптан урат, шалпайып отурат…
Кудай жалгап, бөлөк токойлордон колдошуп, добуш көп кошулат.
Ошентип, Арстан шайланса да, Чочко куттуктай албайт чочулап,
Анткени, кантип актанышын билбейт, ага учурап…

## 12. ШАЙЛОО ШААНИСИНДЕ

Кыскасы, чоң ишенимге ээ болуп, Арстан такка олтуруптур,
Түркүн тамак, арак-шарап кең дасторконго толтуруптур.
Падышанын шайланышын ырымдап белгилеп коелу, -дешип,
Чоң токойдогу аттуу-баштуулардын баары топтолуптур.
Ырдашып-жыргашыптыр, жакшы каалоо-тилектер айтылыптыр,
Абдан сый көрсөтүлүп, эч бир кемчилиги жок болуптур.

Аягында кошоматчы, тантык Төө адатындай туруптур:
– Башчыбыз Чочкого бата берели, -деп алакан жайып сунуптур,
Ошондо Чочконун чочкодой терс кыял-жоругу тутуптур.

Эки саат эзип, энесинен кетип, берген батасын "уруптур",
Баарын "эл эмес экенсиңер", – деп, сөздү ата-тегине буруптур.
Эки жүздүү кошоматчыларды ырас эле шерменде кылыштыр,
Уяттуулар бетин чымчып, келгенине бушайман болуп чыгыптыр.
Уккандар, оозу менен эмес, көчүгү менен күлүптүр…

## 13. КҮНӨӨЛҮҮ – БИРӨӨ, БААРЫ КҮБӨ

Терең ойлосок, токойдогу бүт кемчиликтин себеби – бирөө,
Жалгыз гана Чочкого барып такалат, бардык күнөө.
Анын жосунсуз жоруту, маданиятсыздыгы буга толук күбө,
Ишенсең уят кылат, абийир кетирет, ага жарашпайт сүрөө,
Басканы-балчык, жатканы-чалчык, сүйлөгөнү – жүдөө.
Чочкодой башчы менен кантип аткарылсын элдик мүдөө?

## 14. ӨЗҮҢ КЫЛГАН ИШ-ӨЗ БАШЫҢА МУШ

Ушинтип, майлуу чоң токойдо "чоң" болду го Чочко,
Саясатта, кадрда көп ката кетип, убакытты өткөрдү бошко.
Эми эң кызыгы, ээрден жылмышып, кызматтан кетти,
Намысын коргоп, бир кадры төшүн тоскон жок окко,
Жамандын артынан күл болгусу келбеди "табы жок отко",
Анан дагы көптөрү сурак берип жүрүшөт – дейт – сотто,
Себеби, мыйзам жеп-ичкенин чыгарбайт жокко.
Кыскасы, иштер ар тараптан ириген, ушул токойдо,
Акыры өзүң кылган иш-өз башыңа муш болду го, Чочко!..

## 15. ТАМСИЛ АЯГЫ – БАШКАЛАРГА ТИЙСИН САБАГЫ

**Улай берсе, узун сөз, бул – тамсил-памфлеттин аягы,**
**Ушундай, Чочконун саясий гана ишиндеги айрым баяны.**
**Кимдиги акыры бааланат, кыбыла болсо да төрт тарабы,**
**Анткени ал – мезгилдин мыйзам ченемдүү өктөм талабы.**
**Маалым го, башчы жаман аталса, түбөлүк тарыхта калары,**
**Сөз атасы – чындык, – дейт, – башкаларга тийсин сабагы…**



# Ырысбай Абдыкадыровдун тамсилдери




***Ырысбай Абдыкадыров белгилүү обончу, композитор эле эмес, мыкты сатирик, тамсилчи, пародист, төкмө, аскиячи, сүрөтчү ж.б.у.с. көп кырдуу талант.***

***Анын тамсилдерин басмага даярдап иштеген тамсилчи, сатирик, памфлетист Талантбек МОҢОЛБАЕВ.***

# *ЧЫККЫНЧЫ ЧЫМЧЫК*

***(тамсил)***



**Чымчык,**
чырыйттагандан башканы билбегендиктен,
**Булбул** бар жерде
ырдоонун кезеги тийбегендиктен,
"Атаандашып мага,
не кыласың ары жок!" -деп,
Тууганы **булбул,**
туура сөз айтып тилдегендиктен:
**Чыкен,**
чыккынчылык кылууну ойлоду,
**Доңуз** менен достошуп…
Ошентип ал бир күнү
чыгып кетти, коругунан
Кара каш **Каманы** менен коштошуп!
Жолдон ак баш **Эшекти** көрдү,
топ эшек менен жүргөн оттошуп…
Үч эргул акылдаша баштašты,
биригип алып топтошуп…
Аксакал эмеспи,
Ак баш **Эшек** баштады кепти:
-Кандай болбосун,
**Булбулдан** алышыбыз керек кекти.
Ошон үчүн,
Эртең эртелеп уйкудан туралы,


Майда канаттууларга өч эмеспи,
Кыргыйга кабар кылалы.
Дагы жардамга чакырышыбыз керек,
бар эмеспи тиги,
**Доңуздун жээни-Кулаалы**.
Бир күнү **Чычкандын** этин жебесе,
таркабачу эле го анын кумары…
Экөөнүн бири,
кандырып табааны-
эптеп колго түшүрүп берээр аны???
Кантсе да,
кызыталак **Булбулдан** кутулуп тыналы.
-Оо, кокуй!-деди,
**Доңуз** чочуган кейпинде **Эшекке**:
-**Булбул** деген оңой жерде жүрбөйт,
**Чымчыкка** окшоп балит өмүр сүрбөйт.
Кооз жерде жашап көрүнбөй,
Жан жыргатып ырдап, чоорлоп гүлдөйт.
Анан аны кайдан тапсын-
**Кыргый** менен **Кулаалы**.
Андан көрө башка бир амал ойлоп,
Бир аз сабыр кыла туралы.
Кыргыйың кайрадан **Чымчыкты**,
Чыркыратып басып жесе,
Бул байкуштун бизге жетпейби убалы.
Карасаң,
өзү да кап-кара болуп жүдөптүр…
Кантсе да дос эмеспи бизге бу дагы.
Ошентти да,
**Доңуз** токойго кирип кетти.
Ушул кезде,
кандайдыр алыстан учуп келип **Кыргый**,
**Чымчыкты** шап илип кетти.
**Эшектин** көзүн,
**Кыргыйдын** бир тырмагы тилип кетти,
Бир мүнөттөн кийин **Кыргыйдын** караанды,
Алыстан көрүңдү кылайып…
Ак баш **Эшектин** көзү болсо,

Ошондон калган экен, - дейт кызарып.
Андан бери далай-далай күн өттү,
**Доңуздун** ишин болсо,
Өз таякеси,
**Кулаалы** чукуп түгөттү.

А, **Булбул**, дале,
Ырдап-сайрап жүрөт, - дейт
кадимки Айдың көлдүн жээгинде.
Чыккынчылыгы болбосо **Чымчыктын**,
Бир нерсе бар дейсиңерби дээринде?
Ошондон кийин **Булбулдар**,
**Чымчыктар** менен чыгышпайт имиш
бирге сапарга…
"Өз агасын агалай албаган,
Жат агасын сагалайт"-
дейт го макалда…



# «ИЛИМПОЗ» КОҢУЗ
## (тамсил)



Эзелтен эл айтып келген бир нерсе:
Ушул «Амал же чоңдук» деген балээ сөз,
Акылмандарга илгертеден жакпайт.
Эгер акмактарга кез келсе,
Анда эле айта берип мактайт.
Акмак Адам эптеп жүрүп чоң болот.
Ошол эле убактарда анын алдында,
Акылдуулар убактынча кор болот.
Эскертип коюш дагы парз!
Эрте кеч, алар эл ичинен четтелип,
Чындык деген сөзгө катуу бет келип,
Жүлүнү ириңдеп, жүрөгүнөн сезгенип,
Алардын жаткан жери тор болот.
Элестетип көргүлөчү силер дагы,
Элге батпас шүмшүк аталып, кор болот.
Ошол бети куругандарды дагы айтсам:
Кызматта жүргөндө кыйынсып жүрөт,
Кызматтан алынса, тыйынсыз жүрөт.
Андай кезде аларды эч ким да карабайт,
Ар түрдүү жагымсыз аттарды коюп;
**Кара доңуз, Куу Түлкү, Бульдог,**
Кызыл көз, ак баш **Эшек** деп табалайт.

Бул айтылгандан да башка алардын,
Айтылчу аттары аябай көп болот.
Анткени адилеттүү адамдардын баары,
Андай «ак баш» эшектерге өч болот.
Көпчүлүк деген көпчүлүк эмеспи?
Бири койдой жоош болсо,
Бири өткүр сөздүү өрт болот.
Ырас, ошондой болгон соң,
Аларга ар түрдүү аттар коюла берет.
Ошентип жек көрүндү болушуп,
Талантуулар тарабынан
Сөз аркылуу бычаксыз союла берет.

Дагы айта кетелик:
**«Кара коңуз» же «Доңуз»,**
«Ала чапан **Кирпи**» же «Ач көз арбак **Түлкү**»
«Бегемот же кызыл көз»
Койчу, айта берип окшоштурсаң,
Табыла берет далай кызык сөз…

Эй! акылгөй окурманым,
Дареги сөздөрдүн билдиң окшойт кимге,
Ачуу келсе келет го заар сөздөр тилге.
Сен дагы жийиркенесиң алардан,
Иштеп, жашап көрсөң бирге.
Эми андан ары да угуп тур жолдош!
Калган сөзүмдү да улантайын,
Бир сени күлдүрүп, же күйдүрүп,
Колумдан келсе кубантайын.
Эмесе жогоруда айттым го «**Коңуз**» деп,
Же **Бульдогго** окшош «**Доңуз**» деп.
Ошол билим жактайм деп аспирантурага барып,
Окумуштуу болом деген **Коңуздун**,
Аспиранты болбой калат чылаа кечкен **Доңуздун**.
Кызыгы, башка жагын айтпайын.
Эми илим жактоо иштеринен
Дарек берип, шыр баян баштайын:

Ош институтун бүтүп,
Илимди алдыга түртүп.
«Коңуз окумуштуу болууну ойлоду»
Ал күчүңө кара,
-деди жолдоштору,
Аларга акмактанган **Коңуз** такыр болбоду,
Ошентип жогоруда айткан институтту бүтүп,
Келечегинен чоң байлыкты күтүп.

Аспирантурага да жөнөп калды,
Жакшы көргөн темасын да тандап алды.
Стол, стул шкафтарын сатып,
Аялынан бир топ нерселерди катып,
Жолго бир топ акча да камдап алды.

Айтмакчы тандап алган темасы:
«Калдыбаевдин кара кык»-
аттуу симфониясынын,
Элге угулбай ноталарынын
Аңызга чачылып кетиши».

«Ошол симфониядан Калдыбаевдин
чон ийгиликке жетиши».
Ушул кылдат сырды ачууга көзү жайнап,
Толкундагандан ичи кайнап,
Кыйынчылыкка да катуу бел байлап,
Чыдамыш болуп, чымырканды **Коңуз**,
Иштеп жатты көп материал камдап.

Арадан айлар сызды, жылдар өттү,
Башкалар үмүткөр болушту:
Коңуз бүтүргөндүр деп-көптү.
Бирок, чындык бул үмүттү төгүндөдү,
Илимде **Коңуздун** аты али көрүнбөдү.

Ал казгансып жатты дагы эле,
Жашыруун сырды кык жөнүндөгү.
Бир күнү иш үстүндө жолугуп **Чычкан**,
Коңуздун кулагына суроо кыскан:
Оо, коллегам **Коңуз**!

Жолтоо болгонум үчүн кечирип коюңуз?
Эгер калбасам жаңылып,
Сизди,
Илимде тапты дешет го чоң жаңылык?-
Албетте, бул-бекер,
Кыктын сырын ачыш оңой бекен.
Анын оюлган да жок чети,
Илимде шашыш бул өзү чеки, -
Баягыдан салмактуу чыгып добуш:
-Гипотеза!...Гипотеза…деди **Коңуз.**
Ооба, коллегам **Коңуз!**
Оңой эмес да окумуштуу болуш.
Ошондуктан дурус болор дейм,
Кыкты кайра **Коңузга жедирип,**
Дардайтып семиртип коюш?
Зарыгыш бекер жаңылык күтүп,
Коңуз койбоптур бир жолу,
Жок дегенде кыкты бир түртүп.
Коңуздун иши ошентип бүтүптүр.
Сөздү коротуп эмне кереги,
Андан эл кайсы жакшы нерсени күтүптүр.




# *КАРООЛЧУ АЛА КҮЧҮК*
***(тамсил)***




**Ала күчүк** - бир факультетте кароолчу;
-Демек-милдети чоң,
Ошондой болгон соң,
Өткөн-кеткенге,
Дайыма мамиле жасайт тоң.
Короого бирөөлөр келсе жакындап,
Таза кийирбей турат такымдап.
Мына бүгүн да бир жолоочу,
Келген эле жумуштап…
Бирок, адатынча короочу,
Киргизбей жатты ыргыштап.
Ошондо жолоочу:
«Кой болбойт өңдөнөт ырылдап,
а көрөкчө буга,
Бирдеме берейин ырымдап,
-деди да;
Алдына таштады куу жилик,
Короочу «ала баш»,
алып кетти шып илип,
Анан итканага кетти кирип.
Биздин арабызда да бар.

Пайдалангандар кызмат абалын,
Андайдын жанына жакын бара албай,
Кетет экен амалың.
Бирок, бир нерсе көрсөтүп койсоң,
Жарк дедирет дароо кабагын.
Жеп, ичин аш кылып алган соң,
Уланта берет баягы талабын.
Оо дүйнөдө эле оңолбосо,
Бул дүйнөдө оңдой албайт,
Өзүнүн арам тамагын.





# Акын, сатирик, памфлетист Талантбек Моңолбаевдин чыгармалары жөнүндө илимий жана адабий пикирлер

# ТАЛАНТБЕК МОҢОЛБАЕВДИН ТАМСИЛ-ПАМФЛЕТТЕРИНИН ТААСИРЛЕРИ

Тамсил-памфлет кыргыз совет адабиятында анчалык көп жазылбаган болсо Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин бул багытта Талантбек Моңолбаевдин «Чочконун башчы-акимдиги» деген жалпы аталыштагы ичине 15 теманы камтыган саясый тамсил-памфлеттери, «Депутаттар-жаныбарлар», «Түлкүнүн маскасын кийген Канчык, » «Маскара марш», «Балтек» аттуу тамсил- памфлеттери анын «Дил балкым» деген китебинде жалпы окурмандарга сунуш кылынды (184, 108). «Памфлет (анг.-колдогу барак)-сатиралык адабияттын кээ бир белгилүү адамдардын жана партиялардын туура эмес тартиптерине карата өтө курч публицистикалык маанайда жазылган түрү. Ал өзүнүн типтүүлүгүнүн аздыгы, тарыхый фактыларынын молдугу, полемикалуулугу жана публицистикалуулугу менен айырмаланат. Саясый памфлеттер, адабий памфлеттер болуп маани-маңызына карап ажыратылат» (4, 68). Демек памфлетте бул же тигил коомдогу конкреттүү бир адам, адамдар тобу катуу сынга алынат экен да , ал ошол доор, ошол конкреттүү адамдардын дүйнөдөн өтүшү, саясий аренадан кетиши менен өзүнүн актуалдуулугун жоготот.

Т. Моңолбаевдин «Депутаттар-жаныбарлар» деген саясый тамсил-памфлетин азыркы муун туура түшүнөт, анын жазылышына негиз болгон окуялар да, окуя өткөн даталар да эсибизде, ал түгүл автор өзү да ал үчүн качан болгондугун дээрлик айтып таштайт: «Жүз жыл таптак кылымга толуп, миң жылдык туптуура 2000 болуп… жыл башында , үчтүн айынын жыйырмасында », демек дал ошол күнү шайлоо болду. Демократиялык шайлоо, мыктыларды таразага салып тандоо кандай болот экен деген жаныбарлар адегенде «сүзгүлөштү», «тебишти», анан: Алгач эле атаандашсыз ат салышкан, аксакал карт Карышкыр шайланды», буга бийлик да кубанды, калган жактарда «шайлоо өнөктүгү экинчи турга уланды», «Какемдей эле кадыр-баркы бар абройлуу Аксат Ат ачуусун чыгарды». Бир жерде токой башчы кекеч Чочко депутат болот, ага пилла артып жүктөөчү төбосү жоор Эшек жарчы экен, алар уялбай «Ура» деп

асманда гана учкан ургаачы Карлыгачты утуптур. Ошентип бул шайлоодо «бардык ишти жасашты мыйзамды бузуп», алар «базарда бакылдаганы менен, бийликтин бийик сересине чыга албагандар» экен, булардын ичинде «саясат деп белин бек байланган Серке да депутаттыкка шайланган», «Сөзү менен көп адамды тойгозгон, Жөжө Короз да ишенимге ээ болгон», а түгүл «бакырчаак Эчкиге да эл ишенген».

*Шайлоодо акча, арак, айла-амал кулач жайды,*
*Кыскасы, жаныбарлар саясый күрөшко сыналды.*
*Пил менен Төө добуш үчүн Чычканга жалдырашты,*
*Күлкүлүү иштердин кыйла учугу чубалды.*

*Кызыгы, парламенттен жылуу орун алышты,*
*Партиялык тизме менен жаныбарлар көптөгөн.*
*Булар: ал шайлоодо ишенимден өтпөгөн,*
*Отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн,*
*Маселен: күчтүү коммерсант Күчүк,*
*Амалдуу Түлкү, аялдар партиясынан Үпүп...*
*Аквариумдагы Балык, фермер Бачик,*
*Компартиядан: орус жолдошун издеген Күкүк (184, 40)*

Ошентип жаңы коомдун жаңы шайлоосу тамсил-памфлетте жаныбарлар аркылуу аллегорияланып турганы менен баамчыл окурмандар алардын ар бири конкреттүү кимдер экендигин изилдеп көрсө, бул же тигил конкреттүү адамдын бейнеси көз алдыга тартылат. Депутаттык шайлоо кыргыз коомчулугуна чоң сыноо болгон: шайлоочулар жаат-жаат, уруу-урук, куда-сөөк болуп бөлүнүшүп, талапкерлер айрым жерлерде акча, арак, продукт таратып, добуштарды сатып алган, бир катар шайлоо участокторунда талапкерлер акча бербесе, бюллетень таштабай койгон, мына ушул фактылар Т.Моңолбаевдин калеминин шилтенишине таасир берген. Адамдын жөндөмүнө, талантына адистик деңгээлине карата тандабоо оорусу жалаң эле парламент мүчөлөрүн ыгоодо эмес башчы-аким болууда да көрүнду. «Аким » деген тамсил-памфлет жазылган убактагы боюнча областтын жетекчиси, совет учурунда «обком» деп, азыр «губернатор» деген терминдер менен аталган областтык мамлекеттик администрация башчысы. «Чочконун башчы-акимдиги» аттуу саясый тамсил-памфлети да эгемендүүлүк жылдардын бир ачуу чындыгын айтып берүүгө багытталган.

■ *Адабиятчынын пикири*

# «ДИЛ БАЛКЫМДЫН» БИЛ БАРКЫН

**Ооба, «Дил балкымды ал, алкым!» же, тат табит-деп айткыбыз келип жатат. Анткени, Талантбек Моцолбаевдин сатира жыттанган-сатираны уучтаган адаттагы китеби сатира, юмор, какшык, ал эле эмес, саясий тамсилдерден, памфлеттерден тургандыктан, адамзаада жоруктарын, көр пенде кемчиликтерин, куулук- шумдуктуу дүйнөнүн өзүн келекелөөнүн, ачыгын айтканда, сындоонун өзүнчө эле комплексин, сатирадагы сындоо каражаттарынын баарысын «ишке» салганы көрүнүп турат. Эчтеке дей албайсың, ичинден сызып, айласыз тим болосуң. Кемчилигиң өзүңдо оркоюп көрүнүп турса…**

-Сени сындап жатса, анан кантип, «Мени жазыштыр!» - деп кимге, кайсыл жакыныңа айтып жар салмаксың, кимден тирек издемексиң? Ал эмес жастыкташ жарыңа да айтып, бугунду чыгаруудан уяласың, корунасың - пендезаттын «назик» жагы, ал эми сатира жанрынын түптүү жагы мына ушунда эмеспи, тамыры… Кана эми, илгерки бардыкка тааныш СССР кезеңи болгондо го, бир башка эле…Ошондо эле, окуур замат чачыңы жулуп бакырып, озоңдоп иймексиң. Дароо колуң «узара» түшүп, телефонго асылмаксың. «Тирегиңе» шыбап, авторду колуңан келишинче жамандап, колуңдан келсе, орду-түбү менен жок кылуу айласын издемексиң… Арыз!Арыз жазмаксың кара кочкулдантып. Ах, чиркин!-Ал кезең өтүп кетпедиби, «өттү-кетти балалык болуп»…Өткөн, «базарың» өтүп кеткен, ууң жүрбөй калган, суу толо сайың кургап, какшып калган… Эгемендүүлүк, демократия келген! Эми дымың чыкпай, ичи өткөнүн ыштаны гана билип, тилиңди тишиң кысып, тим болосуң-айла жок!.. Талантбектин талантынан жаралган тамсилдер, сатиралар чоңдорду чочулаткан жанытмалар, же түз эле качырып келип, оңкосунан сайчу памфлеттери чынында эле кайдыгер калтырбай, өөн көрүнгөн, өтө эле осол сезилген, оозуна «Демократия» киргени менен дили кара, ичи чалалардын-адам аты барлардын не деген гана куулук-шумдуктары жектелип жазылбаган. Авторго кошулгуң келет «ырас кылыштыр, жайлап жазыптыр-ушул керек

болчу!»-деп, табаң канат… Тирсектей сезилген-эрөн көрүнгөн көрүнүштөр сатириктин «Маскара марш», «Кимдер, кимдер?», «Паспорту жок, сен кимсиң да , мен киммин» сыяктуу «Кайран Кыргызстан» памфлет циклдеринде жаны ачып жазат, көрсөтөт.

*«Адам болуп , атуул туруп,*
*Паспорту жок!-Мунуң шумдук?*
*Шермендемик иши жүрүп,*
*Жапайыдай өмүр сүрүп,*
*Мунун өзү макулуктук…*
*Өнүккөн өлкө десем,*
*Өлүктөй өчөт денем.*
*Эр жигит, бой жеткен кыз,*
*«Паспортсуз кимбиз»-дешет.*
*Кыйналган калың катмар,*
*Карашат: «Итпи?»- дешет»…*

(*Китептин 61-бетинде*)

Сатирик Талантбек Моңолбаевдин ушул циклине айрыкча «назар» таштамак элек, ага буямабыз жетчүдөй эмес…(убакыт, кагаз, ж.б) Антсе да, аздап болсо да, токтоло кетели. Саптарды кайталасак, автор-сатириктин ич күптүсү, эч кимге айта албас каңырык түтөткөн кайгысына ортоктош болобуз, ал мындай болуп чыгат. Мисалы: «Өнүккөн өлкө десем, өлүктөй өчөт денем… «Чекилиги да, «кекилиги» да өзүнөн кеткен, «Буруш» иш кылып коюп, койкоюп «Дурус» баскан «кокуйлар-паракорлор, кечөөкү, азыркы паспортчулар, же алардын «жандоочулары!» силерге айтылып жатат бул жектөө саптар. Канчаларды муз тиштеттиңер ошо паспорт таркатуу компаниясы учурунда, жалган беле бул?...Менимче ошол кан какшаткан мезгилде калемгерлер ичинде, айрыкча сатира жанрында Талантбек Моңолбаевден башка бирөөбүз да, «мыңк» этип ооз ачып, толгонуп койгонубуз жок. А эл болсо, өз намысына өзү муунуп күйүп жатты. Куу тиричиликтин айынан Россияга аттанчуулар «паспорт!»-деп, үнү кудайга жетчүдөй зарланып, өзүн-өзү муштап жатышты. Акыры бул «паспорт» деген табылгыс товарыбыз колдон колго өтүп сатылды, паспортчулар ар кандай «ыкмаларга» маш мисал «маңкайып» басып жүрүштү. Кайненсенин карды ток, келини менен иши жок тейде…

Акыры президент өзү киришип, зарпа басты кылды... Каңткени менен тамырлап кеткен кайгылуу көрүнүш көкөйгө көк таштай тийди да калды. Ах! Нелерди гана көрбөдүң, кыргызым. Өзүң өстүргөн куш, өз башыңа муш!-халас! Жыйынтыгын өзүң чыгар!..

Адатта, биздин бул турмушта сатира жанрына белчесинен бап келчү көрүнүштөр, адат-салттар жык-жыйма! Кеп-аны кыябына келтирип эле жаза берүүдөн башка иш калбай калат бизге. Көрдүк го, бир гана паспортко арналган сатириктин ыры канча-канча сөзгө арзыды, калганын карап-багың!...

Автордун «Чочконун башчы-акимдиги», «Депутаттар жаныбарлар», «Балтек», «Маскара марш», «Киттер, иттер, биттер» тамсил памфлеттери-дегинкисинде сатиралык чыгармалары анын, сатириктик демин, деңгээлин жаземдебей дал көрсөтүп турганына кепил болосуң. Мындай жагдайлар, ич жылыткан мандем берки «жөн» (олуттуу) поэзиялык саптарында да бар экенин тангыбыз жок!..

Айтор, Т.Моңолбаевдин «Дил балкымын» биз мындайча кепке коштук: «Дил балкым»! Өңүрүңдө сайың салкын, өйдөлөй бассаң-жайың алтын. Байкалар анан арың-баркың!

Поэзияда, прозада да, айрыкча сатирада Т.Моңолбаевдин калеминин өзгөчө бир боегу бар, ойлору да курч. Мен автордун поэзиядагы, прозадагы көркөм дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн жогору баалоо менен, чебер чыгармачылыкта, терең ойлору камтылган ийкемдүү стилде жазылган тамсил-памфлеттеринин кыргыз адабиятына жаңылык жанр катары өзүнчө из калтыргандыгын өзгөчө белгилеп айта кетүүм абдан зарыл.

Жалпылап айтканда автордун бул жыйнакка топтолгон ырларын саясий тамсил-памфлеттерин, азил-каалоолорун, аңгемелерин окусаң, анын көркөм ой жүгүртүүлөрү, образдуу салыштыруулары, жан дүйнөңдү, сезимиңди сөз ой менен козгоп, өзгөчө таасир калтырып, ар бирибиздин жүрөгүбүзгө жетет, дилиңди балкытат.

Атына заты жарашкан «Дил балкымдын» бил баркын.

*Абдимитал КАМАЛОВ,*
*адабиятчы, жазуучу.*
*«Ош Жаңырыгы». 2008-ж., 11-октябрь*

# *КАЛЕМГЕР ЖӨНҮНДӨ КАЛЫС СӨЗ*

*Жаныбарлардын жан дүйнөсү ойгонуп,*
*Жыл башында, үчтүн айынын жыйырмасында,*
*Жан-жаныбарлар жапырт шайлоого,*
*Жан талаша киришишти терең ойлонуп...*

Талантбек Моцолбаевдин тамсил-памфлетиндеги каймана айтылган бул саптар кадимден аң-сезимсиз келаткан жаныбарлар жөнүндө кеп баштаганы менен жасаган кылык-жоругу адамдардын башкаларга жага бербегени ачык. Биринчиден, айбандардын атын атаса да, автор алардан таарыныч укпайт. Экинчиден, эстүү эле адамдарга жаман жоругун кыйытып айтып турат. Илгерки грек Эзоптун ыкмасы азыр да эскире элек. Себеби, адам жоругунда ошол осолдуктар, шумдуктар улана берет тура. Акын-сатирик Талантбек Моцолбаев элге жеткиликтүү образды сындап иргеп алуу менен поэзияга мүнөздүү кейипкерди апкелет. Азыркы күндүн курч темасын чечүүгө шыгы бар бул калемгер бүгүнкү сюжетти ыктуу пайдалана алат. Адабиятка жаңы чыйыр менен кирип, Москвадагы М. Ломоносов атындагы университеттин журналистика факультетинде окуп, дүйнөлүк тажрыйбаны кызыгуу менен өзгөчө өздөштүргөн экен.

Жогоруда жаныбарлардын токойдо шайлоого камынганын айткан элек. Автор түшүнүктүү болсун үчүн, азыркы эле турмушту алыптыр. «Токой башчы-кекеч чочко депутат болду деп» укмуш кабар таң калтырат. «Тууганчылык, трайбализм өкүм сүрүп, алыныптыр добуштар жалаң гана чочколордон» деп бышыктайт автор. Бир жагы ушундай эле чочколор жасаган жорук уланып жүрбөдүбү бизде. Бул ыкма али тамсилде эскирбейт. Ал азыр саясий сатиранын мүнөзүнө ооп кеткен. Ошентип, коммерсант күчүк, амалкөй түлкү, аялдар партиясынан үпүп, фермер бачик жана башкалар депутат болушуп, өлкөнүн тагдырын чечкен мыйзамдарды жаратмакчы. (Айтмакчы, арак, акча сунушуп Чычкандан добуш алгандар алар). Автор ачык сындап мыскылдап олтуруп, эч болбосо окурман бир жылмайса

экен деп тилейт. Демек, калемгердин коомдук турмуштагы бул чоң окуяга ичи ооруганы ачык, элге анысын элестүү далилдеп сындай алган. Тууганчылыкка, пулга сатылган добуштун депутаты элдин мүдоосүн ойлоно алабы, кудурети, ар-намысы барбы?

Акын-памфлетчи Талантбек Шарипович ошентип, коомдук эң маанилүү окуянын терс жактарынын бетин ачып, курч мүнөздө шылдыңдап жазып баштап, памфлеттик ыкмадагы чыгармачылыгын өнүктүрүп келатат.

Адатта, памфлетти адабиятта коомдогу саясий түзүлүштү өтө курч мүнөздө шылдыңдап сындаган жанр катары билебиз. Коомдук окуялар, саясий партиялардын, топтордун программалары, аракеттери ачык айтылып шылдыңга алынат. Кыргыз турмушунда азыр жердешчилик, паранын, акчанын күчү менен шайлоолордогу партиялардын жеңиши, амал үчүн жасакерлердин жагымсыз кылык-жоругу сынчынын бутасына алына бериши табигый көрүнүш болуп турат. Жалпы адабиятта сындоо өнөрү мокоп турса да калемгер «Чочконун башчы-акимдиги» аттуу тамсил-памфлетинде окурманга Т.Моңолбаевдин гана ыкмасы сыяктуу усулду сунуш кылган.

Демократиянын шарапатын зомбулук үчүн пайдаланып калганда «Мыйзамдуу бошой элек орунга, чоң токойдун башчы-акимдигине күтүүсүз дайындалды Чочко» деп далилдүү баштайт автор. Депутаттар жетиштүү катышпаса да Чочкону зордук менен башчы кылышат жогортон келгендер, бийликтегилер. Т. Моңолбаев анын былыктарын бөлүп-бөлүп санап жазат. Окурман чочконун жапайычылыгын «окшуп» олтуруп окуйт. Ал жергиликтүүлөрдү айдап, өз жанына жасакер, амалкойлордү кызматка алат. (Командасын мөңдөлөй, чөңдөлөйлөр, коспек, сабатсыз торпок, эшек, түлкү жана башкалар түзөт). Андай шартта токойдун берекеси качат, токой жаныбарларынын көңүлү сууйт өз акиминен. Мисалы, убада берип жүргөндөрүнө ишенген башчы ажо шайлоодо өз кандидатына элүү пайыз да добуш ала албайт. Карыган төөнү тилдеп сөгүнөт аким. Мындай башкаруунун кесепети гана болорун көрдүк го, атаганат. Жазуучу көтөргөн курч, таамай темаларга маани берилбей калган учурда адашып

жатканыбызды сезе албасак дагы күнөө кобойот. Көркөм айтылган курч сөздүн кудурети күч-кубат гана берет эмеспи. Курч памфлет-адилет сөз.

*«Бузуку коп, жөндөмү бар бала чактан*

*Түп-түшүнбөй саясатка аралашкан.*

*Бироолор пикет десе, же жыйынбы,*

*Мурдун тыгат эч нерсеге карабастан»*, - деп сатирик-акын Т. Моңолбаев азыркы кобойгөн пикетчилерди «Маскара марш» памфлетинде таамай сындайт. Тууганчылык үчүн, акча үчүн чыккандарын шылдыңдайт.

Бул калемгер пародияда да акындарды тамашалап, арноо саптарында да досторунун мүнөзүн тактап тизет, кара сөздөгү аңгемелери теманы ача билет, образдар жаралат. А чынында Т. Моңолбаев поэзия менен тааныш, шыктуу акын. Ошон үчүн жаңы ырларын күтчү болдук сурамжылап.

***Токтогул КЕНЖЕЕВ,***

***акын, жазуучу, Кыргыз Республикасынын***

***маданиятына эмгек сиңирген ишмер***



# ТАЛАНТ ТАМСИЛ-ПАМФЛЕТТЕРИ

## же кыргыз адабиятындагы жаңылык-жанр жөнүндө

Он сегиз миң ааламдын төрт бурчуна "Экинчи Мекке" деген аты, 3000 жылдан ашык тарыхы, мүрөк суулуу Ак-Буура дарыясы бар Ошубуз, Сулайман пайгамбардын атындагы тоосу менен сыйкырдуу да, сыйынычтуу да жер экендиги бардыгыбыз үчүн өзгөчө сыймыктуу.

Ооба, кереметтүү жерибиздин дал чордонунан орун алып, жетимиш беш жылга жакын убакыттан бери санжыралуу калкыбыздын, эгемендүү элибиздин таасын тарыхы таамай жазылып келаткан куттуу жай – Ош облустук "Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы десек, адилет сөздүн маани-маңызы өз ордунан чыгаары айкын.

Аталган газетанын баш редактору-Москвадан (МГУдан) таалим алып келип, катардагы корректорлуктан чоң газетаны башкарганга чейинки жолду басып, оригиналдуу материалдар мындай турсун, көркөм чыгармаларды тамшанта жазган, жалгыз тамсилчи-памфлетчи Талантбек Моңолбаев десек, апа чапкандык болбос…

Анда эмесе, бул сөздүн төгүндөлгүс акыйкат экендигин эми биз да кептин нооваты менен далилдөөгө далалаттаналы. Калемгер өзүнүн "Дил балкым" аттуу жыйнагында айткандай алгачкы ырын 1976-жылы жазыптыр".

Ал эми аталган китептин топтомун 2005-жылы окурман журтуна тартуулаган. Аталган жыйнактын аннотациясында мындай кыскача мүнөздөмө берилген: "Белгилүү калемгер: журналист, публицист, акын-сатирик-памфлетист Моңолбаев Талантбек Шариповичтин бул жыйнагына- анын ырлары, аңгемелери, саясый тамсил-памфлеттери жана азил-чыны аралашкан тамашалары, каалоолору топтолгон.

Анда негизинен эл, жер, сүйүү, жашоонун түрдүү жагдайлары жөнүндө курч ойлор айтылат. Ал эми кыргыз адабиятынын көркөм жанрына жаңычыл сатиралык из салган саясый памфлеттери учурдун, мезгилдин, коомдун курч

маселелерин таамай талдап, аныктоо менен сатиранын тилинде публицистикалык көркөм философиялык өзгөчө ыкмада жазылып, окурмандардын көп кызыгуусун жаратат".

Бул жаңы табылгалуу китеп жогорудагы жанрларды камтуу менен негизинен үч бөлүктөн турат. Жыйнактын биринчи бөлүгү акындын туулган жери -"Капчыгайым"-деген ыры менен башталат. "Туулган жердин топурагы алтын" дегендей, калемгер мында киндик каны төгүлгөн чөлкөмдүн башкаларга анчалык эле байкала бербеген өзгөчөлүктөрдүн дил түпкүрүнөн түнөк тапкан не бир назик, аеолуу, кымбат сезимдери менен таамай, жеткилең баяндай алган. Анда ырдын бир куплетине көз жүгүртүп көрөлү:

*...Оо Капчыгай, тооң бийик-аскалар,*
*Суктанышсын көрбөй жүргөн башкалар!*
*Мейман барса жайдын толук кезинде,*
*Табигатка тамшанышып таң калар.*
*Жери сулуу, суусу таза, эли улук,*
*Жаратылыш көркү менен даңкталаар.*

***Капчыгайым, Капчыгайым, Капчыгай,***
***Эл бактысын бир өзүңдөн тапчудай!*** -деп ар бир атуулдун өзүнүн туулган айылы перзенттик баам-парасатында башка жерлерге теңдешсиз, кооз жер болорун зор ынтаа менен сүрөттөп жазган.

Ал эми Мухаммед пайгамбарыбыз айрыкча баса белгилеп, чексиз урмат менен "Бейиш энелердин астында" деп айткандай, акын өз энесине "Асылым апам, ардагым" деген төрт куплет ырын ыроологон:

*"Ак булуттан аппак жоолук салынып,*
*Ай шооладан акак мончок тагынып.*
*Айылдан аалам ажарын ачкан апакем,*
*Амандык тилеп, алыста жүрөм сагынып...*

*Көйкөлүп баскан изи бейиш делип,*
*Көктөмдүн гүлдөрүнөн көйнөк кийип.*
*Көрүнөт ай жүзүнөн айкөлдүгү,*
*Көздөрү балбылдаган жанып-күйүп...*

*Көк мелжиген тоолорду жүрөк кылып,*
*Көк кашка суу, булакты мүрөк кылып.*
*Көөдөнүндө тазалык, аруулук бар,*

*Көңгөн жашап бийиктиги түнөк кылып...*
*Эт, майды кышы-жайы сактап жүрүп,*
*Күн, айды кымыз, сүткө кошо сунуп,*
*Жолуксам, нурун чачат кубанычтын,*
*Ууртунан жылмая, сулуу күлүп...*
***Асылым апам-ажарлуу дүйнө, ардагым,***
***Алтыным апам, көңүлүм сизде ар дайым!***

Перзенттик асыл ойдун сыйкырдуу чакырыгындай таасирленткен бул саптарды муюп-уюп окуган окурман-инсандын өзүн жарык ааламга алып келген мээрбан, таберик энесин алаканына салып сыйлап, урматтоосуна, өмүрү өткөнчө анын кызматында болуп, бапестеп артыкча аздектеп өтөөрүнө таамай ишенсе болот.

Китепти андан ары кызыга барактап олтурсак, "Кыргыз, кыргыз", "Ош пирим", "Ош окулат табияттан, турмуштан" деген ырлар дилди өзүнө кылтактап, көңүлдөн түнөк табат.

*"Нурун чачып Сулаймандан кылайса,*
*Күн менен тоо "Ош" деп өзү окулат.*
*Баш бармагың тийгенде сөөмөйүңө,*
*Манжалардан "Ош" деген бул сөз чыгат.*

*Базардагы жайнаган коон дарбыз,*
*Баардыгы эле "Ош" жазуу сыяктанат.*
*Көгүчкөндү карасаң көк асмандан,*
*Кош канатын кагышып, "Ош" деп учат"*, - деген куплеттерде төрт миң жылга аяк басып бараткан Оштун ыймандуу, ырыскылуу элинин отуз кылым жашаган турмуш жолунда анын өзгөчө ордо-борбору, зыярат жайы болгондугу далилдүү баяндалат. Мындан тышкары да, күн чыкканда аны менен Сулайман тоонун айкашуусунан, ар бир атуулдун баш бармагы менен сөөмөйү тийишкендиги, бири-бири менен кол алышканда эки алакандагы ысык таптан да "Ош" деген сөздүн окулушу-бута чейинки жазмакерлердин ойлорунан өзүнчө эле айырмаланып турарынын, "ош окулат табияттан, турмуштан" деген мүдөөнүн өзү- табылга!

Жыйнактын экинчи бөлүгүндө саясый тамсилдер-памфлеттер орун алган. Ушуларды окуп чыккан окурмандын оюна бүткүл адамзат тарабынан таанылган кеменгер акын Жусуп Баласагындын даанышман саптары түшөт. Ал акындын өнөрү, поэзиянын касиети жана күчү жөнүндө:

*"Алардын тили кылыч миздүү өткүр,*
*Алардын ою ичке, чачтай жиптир.*
*Алардын ою деңиз сымал,*
*Сөз бермети, гаухары өнүп чыгар",* - деп акындын бетке айткан чынчылдыгын, поэзиянын терең маанилүүлүгүн белгилеген.

Эми төмөндө айтылуучу оюбуздун маңызына тиешелүү тамсил жана памфлет жанры тууралуу окурмандарыбызга бир-эки ооз түшүндүрмө билдире кетсек. "Тамсил" деген термин кыргыздар арасында акыл-насаат аңгемеси катарында айтылган оозеки жана жазма баяндарды түшүндүргөн. "Адабияттын тамсил жанрынын персонаждары көп учурда айбандар, ал тургай өсүмдүктөр, жансыз предметтер болот. Деген менен иш жүзүндө айбандардын, өсүмдүктөрдүн артында адамдар турат, адамдардын образдары, ой-санаалары, кыял-жоруктары берилет, образдары түзүлөт. Тамсилдин персонаждары чындыгында турмуштук көрүнүштөрдү сыпаттоо максатында каймана түрдө алынган шарттуу ыкма болуп эсептелет". (М. Борбугулов).

Т. Моңолбаевдин тамсил менен кошо жазган жаңаша жанры памфлет - (англисче "колдогу барак") кандайдыр бир адамга, коомдук түзүлүшкө, саясый жана башка абалга каршы багытталган публицистикалык какшыктуу чыгарма. Бул жанрды мурда кыргыз адабиятында К. Баялинов "Господин Поинтонго менин сунушум" деген чыгармасын жазып, жанрдын баштоочусу болуп калгандыгын окуп жүрөбүз. Ал эми тамсил-памфлет ыр менен кыргыз совет адабиятында анчалык көп жазылбаган болсо, Кыргызстан эгемендүүлүгүн алгандан кийин бул багытта Т. Моңолбаев аталган жанрды айкалыштыра, илгертпей колго алып, окурмандарына тартуулаган. Анын "Депутаттар-жаныбарлар" деген саясый тамсил-памфлетиндеги сүрөттөлгөн көрүнүш-биздин кыраакы, дилгир замандаштарыбыздын көз алдында турмушта өз таасирин көрсөткөн эле окуя. Анда чочко жаныбарлардын шайлоосунда депутаттыкка шайланып, андан соң кызмат орунга тап коет. Чукул чакырылган жыйында да токойдун башчы-акимдигине дайындалат.

*"Ошентип, көпчүлүктүн көңүлү толбосо да,*
*Депутаттар саны жетиштүү болбосо да.*
*Бийлик, макулдук, зордук күчү менен,*
*Чочко башчы болду чоочун токойго*

*Кээде иш болот туура келбеген ойго,*
*Эми бийликтин баары чочколук колдо"...*

Анан ал командасын түзүп, кадр тандоого белсенет. Эң обол эле ийин казып үйрөнгөн Чоңдөлөйдү, делдең кулак Моңдөлөйд алаң көз Коенкти, сабатсыз Торпок менен эки жүздүү Эше жарчыны, бок курсак Күчүк менен түлөгөн Түлкүнү кошу өзүнүн командасын "ишенимдүү" жана "Куп лашпай, таксы деген жойпу, аңкоолор менен толуктайт. Арадан мезгил өтү референдумда бардык жаныбарлардын падыша шайлоосун Арстанга добуш берилет. Ошондо Чочко: "Баарыңар "эл" эме экенсиңер!" деп, сөздү ата-тегине чейин буруп, согуп тилдей Ошентип, майлуу токойдогу "чоң" болгон Чочко ээрде жылмышып, кызматынан кетти.

*"Намысын коргоп, бир кадры төшүн тоскон жок окко...*
*Анан дагы көптөрү сурак берип жүрүшөт, - дейт сотто.*
*Себеби, мыйзам жеп-ичкенин чыгарбайт жокко.*
*Кыскасы, иштер ар тараптан ириген ушул токойдо,*
*Акыры өзүң кылган иш-өз башыңа муш болду го, Чочко!"*
дейт тамсилчи. Баса, мындан артык мыскылдоо, куйкалоо, эк бутун бир өтүкко тыгып муунтуу жоктур, бул чочколорго!

Автордун андан кийинки "Түлкүнүн маскасын кийге канчык" деген тамсил-памфлети жөнүндө ой бөлүшсөк, анын бу жанрдагы табылгаларынын бирине оюбузду ачыгыраак айтка болобуз. Маселен, калимки эле бир канчык-ит жаш чагында о жүрүш-турушун оңдой албаган кайдыгерлигинин жазасынан улам иттигинен баш тартып, түлкүнүн маскасын кийет. Жетекчисин шыйпаңдайт. Упа-атырды учтап бетине чаптайт. Кыялында а кимге үргөн жаш күчүккө ойнош болгусу келет.

*"Саясатты билбей, сасык саясатка аралашат,*
*Саясий сабатсыздыгынан булганыч жолду басат.*
*Себепсиз эле бирөөнү жамандоого шашат.*
*Жалганды чындай айтып, албууттанып,*
*Кызарган жерге барууга жанталашат.*
*Кыялдануунун зыяны жок го, демек,*
*Ошентип, түркүн айла-амал ойлоно берет.*
*Ойкуштанып, түрлөнүп, ТОТУ КУШ эле эмес.*
*Өзүнө өтө сак, бирок, сук аталган,*
*Шакылдаган САГЫЗГАН да болгусу келет,* - деп, аны куйкум сөздөр менен шылдыңдап келип, арабызда мындай эки жүздүүлөр

болбосо экен деген оюн окурманга өтө олуттуу, кыраакы назар менен эскертет акын.

Китепте мындай мазмундагы "Маскара марш", "Кимдер, кимдер?", "Балтек", "Паспорту жок сен кимсиң да, мен киммин?", "Киттер, иттер, биттер" деген тамсил-памфлеттеринде каармандардын бул тибиндегилердин ичине калемпир чылап куюп туруп, чалкан менен чагып, олтурган жеринен оң жолу опурулта-олчоңдото тургузуп, өзөкторүн куйкалап, кочүкторүнө өрт койгончолук тейде ашкерелеген десек болот. Анткени, бул чыгармалардын соңку саптарындагы таасири менен чоң тарбиялык маанисинин аларды оң жолго үндөөсү-калемгердин дил чакырыгынын кызыл сызыгы сымалданып турат.

Жыйнакта каалоолору, азил-чыны аралашкан тамашалары автордун устаттары менен теӊ-куракташ замандаштарына арналыптыр. Бул азилдер менен каалоо ырларында эгедер өзүнчө ийкемдүү ыкма аркылуу ар бир атуулга гана тиешелүү пенделик өзгөчөлүк, артыкчылыктары, кутман куракторы тууралуу окурманга маңыздуу ойлорун бап келтире баяндап берет.

Тамсилчинин биз атаган китебиндеги белгилеп айта кетерлик бир өзгөчөлүгү-анын көркөм сөз каражаты-салыштыруу бир түшүнүктүн же көрүнүштүн башка бир түшүнүк же көрүнүш менен салыштырылып сүрөттөлүшү менен ыктуу иштей билгендиги.

Маселен: "Ош пирим" деген ырда:

*"Ош шаарым - жердин ыйык мурасындай,*
*Достуктун, көп улуттун уясындай.*
*Табигый сулуулуктун тартуусундай,*
*Ош пирим кереметі - мына ушундай".*

Ал эми "Паспорту жок сен кимсиң да, мен киммин?" деген ырда:

*"Ушундай укмуш жагдайдан,*
*Паспортко пара алышып,*
*Шылуундар чыгат капкайдан.*
*Элди сорот митедей,*
*Семиришип дардайган,*
*Мурундары барбайган,*
*Оңой олжо табышып,*
*Курсактары чардайган".*

«Киттер, иттер, биттер» тамсил-памфлетинде:

*Иттер, иттер...*
*Карасаң дөбөтү бар, канчыгы бар,*
*Карс-карс үргөн таптыгы бар.*
*Кыңшылаган, кыр корсоткон,*
*Кыбыраган кандеги бар.*
*"Мастандай үрөйү суук,*
*Машкелердин мандеми бар",* - дейт. Ошондой эле метонимиядан (грекче-башка ат берүү) пайдалануу жагы да ыр түзүлүштөрүндө айкын байкалат. Мисалы, арноолордо:

*"Озгондуктор озгочо,*
*Өз "Комсомол" деп жүрүшөт.*
*Ал эми алайлыктар ардактап,*
*Чыгаан "райком" деп сүйүшөт.*
*(Орозбек Акимбаевге)*

Жогорудагы мисалдарга кошуп дагы бир айта кетерлик жагдай-автор өз каармандарын сыпат-кебетесине өтө жакын окшоштуктар менен сүрөттөгөнүндө. Мисалы, кекеч, оттологон, жегич, ач көз, ичи тар Чочко, ийин казгыч Чоңдолой, делдеқ кулак Мөңдөлөй, алаң көз Коенек, аксак Ат, сабатсыз- Торпок, эки жүздүү Эшек, бок курсак Күчүк, түлөгөн Түлкү, карт Бөрү" деген типтүү салыштыруулар, аталгандардын кежигесин тырматып, кедергесине жеткире сыдырып атылган муну алар албас чындык далили катары моюнга албаска чаралары жок.

Ал эми акындын "Дил балкымынан" кийин "Ош жаңырыгына" чыккан тамсил-памфлеттери да окурманды өзүнө кызыктыра тартуусу менен ыраазылантат. Мисалы, "Бир үй-бүлөдөгү көп партия" деген партияларга памфлетинде бир үй-бүлөдө атасы- "Ата Мекен", апасы-"Ар-намыс", абасы-"Партократ", агасы-"Социал Демократ", иниси-"Ак шумкар", баласы-"Ата-журт", кыз, келин, карындашы- "Замандаш" партияларына мүчө болуп өтүп алганына наразы болгон бүлө мүчөсү:

***"О, кокуй, заманым ай...***
***Мунуң өзү кандай жагдай?***
***Бир тамчы кан бириге албай,***
***Ар кимибиз партия деп,***
***Мүчө болуп кирип алмай..***

*Ыдырабай биригели,*
*Ынтымакты чогуу тандай..."* - деп, "Манастагы": "Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, «бөлүнүп кетти кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет"- деп баса айтылган акылман насаатты кулагыңардан чыгарбай, эсиңерге бекем түйүп жүргүлө, кандаштарым! деген орошон ойдун алдыга туура коюлуп тургандыгына зор чакырык жатат.

Ал эми "Кодолек" деген саясий тамсил-памфлетинде шайлоо деген зор жарышка түшкөн, мансапка, бийликке кызыккан кодолектерге карата: "ай туяктуу кулундардын алдында ат чабымдай кеч калып, арсыздыгыңды карматпай, жөн эле жүрсөң боло! Ай, коюна карап ышкырып, көрпөңө карап аяк узатпайсыңбы! Сенин чуркаганың күлдөбөгө чейин гана экенин эсиңе тутуп ал!-дейт памфлетчи.

"Ким кандай жинди?" деген памфлетте автор жиндилердин парадын баяндап, учкуй ойлор менен алардын түрк- түспөлү, кыял-жорук, нарк-насилине, задине чейин аныктап-тактап келип туруп, булардын түрүн-"катын жинди", "жатын жинди", "сийдик жинди", "бийлик жинди", "шайлоо жинди", "жайлоо жинди" жана башка деп санап олтуруп, 22ге жеткиргендигине окурмандар таң берип, баш ийкеп тургандары бир кызык. Ал турсун шаарга жакын айылдагы жигиттер өздөрүнүн үлпөт жыйынында биринин жоругун бири айтып, тамашалаша-талкуулаша олтурушуп, " сен бул түрүнөнсүң, сен тигининенсиң" деп, кежендешкенге чейин барышып, соңунда ошолор аксакалдардын акыл-кеңеш чогулушуна түшкөндөрүн кулагыбыз чалып, ага катышып калган замандаштарыбыздын айтканын угуп, баш ийкей ынанып турган чагыбыз. Ошондо кыраакы, акылман карыя сөздү кылдат, чебер жыйынтыктай келип, муну айтты дейт, кошуналарыбыздын бири:

-Ай жигиттер, бардыгыңар эле акылдуу жансыңар. Тамсилдин соңку төрт сабын эле окусаңар:

*"Ылайым Кудай колдосун,*
*Ынтымак элге орносун.*
*Шакаба маани мазмуну,*
*Коом жинди болбосун!"-*

дептир го. Маселен, "бир-экөөңө кошулуп, бардыгыбыздын жинди болуубуздан Жараткан өзү сактасын!" деген ургаалдуу ураан, чапып кетпес чакырык жатпайбы, кудум ушул олуттуу ойдун маңызында!-десе, беркы жигиттер бир ооздон дуулдашып, "бали,

абаке! Сиздин да акыныбызга айткан алтын сөзүңүзгө ышандык!"- дешип, колдорун куушурушуп калгандыгынын өзү эле өзгөчө жагымдуу тарбиялык көрүнүш эмеспи! Анткени, "көркөм чыгарма биолог, археолог, географ, социолог ж.б. ар кыл кесиптеги адистердин чөйрөсүн да, катардагы карапайым окурмандардын кызыкчылыгын да козгой алат. Адатта, жазуучу өзүнүн жазган чыгармасы мүмкүн болушунча окурмандардын калың катмарынын кызыгуусун туудуруп, колдоосуна ээ болуусун каалайт жана ошого умтулат. Бул жалаң гана жазуучунун өзүнүн кадыр-баркын, атак-даңкын көтөрүү максатына эмес, (албетте, бул жагдай аздыр-көптүр өзүнүн таасирин тийгизиши мүмкүн), негизгиси-адабияттын өзүнүн түпкү табиятынан келип чыгат" (М. Борбугулов) деген пикир менен памфлеттеги ойдун төп келишип тургандыгы айрыкча ынанымдуу.

"Ордо" ыр түрмөгүндө кыргыздын ордо оюну тууралуу баяндалып, анын тартиш, эрежелери беш манжадай эсептелиш чыгып, андагы омоктуу негиз, тарбияда көпчүлүктү ордо ойноого үндөө бар. Анда хандын ордодон күтүүсүз чыгып кетүүсү-таламайга түшүктүкрары мындайча айтылат:

*Ордодон хан чыкканда,*
*Ордодо болот таламай.*
*Чогултушат чүкөнү,*
*Түш тарапка карабай...*

*"Ажобуз элден качканда,*
*Ордодо болгон таламай!*
*Тополоң болотханы жок,*
*Эреже калат жарабай*

*Мына ошонун сыңары,*
*Оюндун көп сырлары.*
*Тажрыйба, тарых билип ал,*
*Оюңа дайым түйүп ал!"* - деп ордону көздүн карегиндей сактоого, кыраакы болууга чакырык жаңырат, чыгармада.

Ошондой эле "Дил балкым" жыйнагынын акыркы бөлүгүндөгү "Эмчек дөбө баяны" деген туулган жер тууралуу абышка баласына жаратылышы байлыкка толгон жер экенин баяндап, "суусу, абасы таза жердин эли таза" дешип бекеринен айтышпастыгын түшүндүрөт. Биздин Капчыгайдагы булактын

көзүнөн малга суу алып келип берсе да, ал ошол жерден барып ичмейинче канааттанбайт. Бул жыргал эмей эмне? Бул касиеттүү жердин кадырына жетип, барктап-баалап жашоо- баарыбыздын ыйык парзыбыз, уулум" деген насыятын дайындайт кадырман карыя.

"Купуя сыр" аңгемесинде турмуштагы эң аянычтуу- сырдуу адат-коро албастыктын азабын тарткан инсандын тагдыры баяндалат. Айылга башкы бухгалтерликке келген адамга каршылаштары өтө мас убагында колун койдуруп, көп жазана айып менен түрмөгө каматып жиберишет. Окуяны баяндаган жигиттин атасы менен ак дилден иштешкен ошол адам буларга жиберген катында:

*Түшүнда мен да киши элем,*

*Тутулуп калдым "иш" менен!* - деген сөздөрүн атасы окуп берген каттан түшүнгөн жигит: "Адам баласын куру дооматтан, жалган жалаадан кудай сактасын", -деп ичимден кайталап тилейм"- дейт сарсанаага баткан аянычтуу таризде.

Ушундай эле терс көрүнүш "Кайната жалаасы" деген аңгемеде да чебердик менен баяндалып-сүрөттөлүп, окурманды миң толгонто үшкүртүп, кара ниеттикке, адам турмушундагы жийиркеничтүү көрүнүш-чектен чыккан кызганычтан улам курулай шектенүүнүн курманы болгон келиндин бөөдө шейит болгондугу окурмандын дилин сыздатып, көңүлүн өксүтүп какшатат.

"Ошентип, эне күнөөсүз курман болуп, балдар жетим калды. Канкорлор да, жетимдер да окуянын себепкери-сакалы өрттөнгөн Жакып абышка урпактары". экендиги ызырынтат. Чындыктан акыйкатсыздыкка, арамзалыкка тебеленип, онтоп-ойдолой, зарлана какшап, өтө убайымсыз түрдө чыркыраган чыңырыгы кулакка муңдуу угулат.

Ак ийилди, сынбады, акыйкат баарын жеңди. Мыйзам күнөөлүүлөрдүн жазасын берди. Намыскөй, ыймандуу келиндин арбагы айылды азыр да абройлуу аралап жүрөт"-деп аякталат аңгеме.

"Эх, Швеция, Швеция" деген жол очеркинде 140 000 кооз аралдары бар, 150 жылдан ашуун убакыттан бери согушсуз, карама-каршылыксыз тынч өлкө – Швецияда Кальмар эл аралык университетинин FOJO институту тарабынан уюштурулган Борбордук Азия боюнча регионалдык басма маалымат

каражаттарынын башкы редакторлорунун конкурсунун жеңүүчүсү катары 2005-жылдын январь, февраль айларында аталган өлкөнүн борбору Стокгольм жана Кальмар, Нортелье шаарларында болуп, Ошту даңазалап келдим"-дейт Т. Моцолбаев. Андан ары автор "Швеция- басма сөз эркиндигин киргизген дүйнөдөгү биринчи өлкө" экендигин салтанаттуу белгилейт.

Кыскасы, "Өрдөктүн өзү көктө болсо да, көзү көлдө" дегендей, ааламдын кайсыл бурчунда жүрсөк да, ар бир кыргыз перзенти Ата Мекенибиз-Ала-Тоонун ааламга дайын бир ордо калаасы-Ошубуз мүдөөбүздүн орчунун ээлеп турарын, муну туя билүү-улуу сезим, бийик касиет экендигин сыймыктана жазат калемгер.

Эми сөз ирети келгенде айта кете турган ой, таасын пикирибизди жыйынтыктай турган болсок, тамсилчи Талантбек Моцолбаевдин чыгармачылыгына карата улуу жазуучу Мукайдын: "Анык көрком сөз көздөгөн жерге дал тийип, жүрөктүн толтосуна кадала калуусу керек... Биз жеке гана бүгүнкү күн үчүн гана иштеп жаткан жерибиз жок. Келечек жемиши, келечек тилек үчүн да кыймылдайбыз. Келечекке жылуу жүз менен кезигүү керек. Бул-тарыхка из калтырам дегендин эсинде боло турган иш. Бул ишти албетте биз эсибизде бекем сактап, көкүрөктө көрөңгөбүздүн барында муну орундатуу- ыйык парзыбыз болот!"-деген сөзүн багыттоого болот.

Баса, таланттуу сатириктин бул үлкөн максатынын ишке ашуусуна биздин каалоорубуз: сатириктик демиң эргитип-толкутуп, деңгээлиң бийиктеп, калемиңдеги өзгөчө боегуң коюулана берсин! Чебер чыгармачылыгың өркүндөп, кыргыз адабиятында өзүңчө изденип, жаңылык катары тапкан жалгыз аяк-сокмо жолуң менен чыгармачылыктын дабанына ордой бер!

*Эсен ТИЛЛЕБАЕВ,*

*Кыргызстан Журналисттер жана Улуттук Жазуучулар кошундарынынмүчөсү. Араван району, "Керме-Тоо" айыл округу.*

***«Ош Жаңырыгы» 2011-ж. 5-февраль***



# Даректүү күлкүлүү окуялар, такмазалар

# *АСКАР АКАЕВ АЛАЙ-КУУГА БАРГАНДА...*

Аскар Акаев ажолук бийлигинин кырына чыгып турган мезгилинде 1996-жылы алыскы Алай-Куу аймагына иш сапар алып, айтылуу Ат-Башыдан вертолет менен аша калып, белгилүү Бөрү токойдо боз үйлөр тигилип аны тосуп алып, андан ары Кан Коргон айылында жаңы мектептин ачылыш салтанатында жогорку деңгээлде эл менен жолугушуу өткөрүлгөн. Кызматтык ишим боюнча мен да бул жолугушууда болгомун.



Адатынча Аскар Акаев абдан мазмундуу кооз сүйлөп, тез басып, элпек кыймылдап алай-куулуктардын купулуна толгон. Айрыкча, «ардактуу кубаттарым», - деп сүйлөгөндө, «Ай, Аскар Акаев да өзүбүздөн, алай-куулук турбайбы», - деген да сөздөр айтылган. Андан кийин Алай-Кууда кеңири айтылып, ар бир адам ырдаган:

*«Бапы абамдын колунан,*
*Эт жегенден коркомун.*
*Капчыгайдын жолунан,*
*Каттагандан коркомун»* - деген ырды айтканда Аскар Акаевге алай-куулуктар шатырата кол чабышкан.

Ошондо күн чайыттай ачылып, өзүнчө мемиреп, аба ырайы абдан жылуу, элдин да, ажонун да көңүлү ачык, көтөрүңкү маанайда болуп, айрыкча ажайып кырдаал түзүлгөн.

Ошол учурда бир алай-куулук;

-Карасаң, бу погода да подхалим, бүгүн Президент келгенде, күндө болчу шамал жок, чаба жааган жамгыр жок, кар аралаш мөндүр жок, эми ажобуз алай-куулуктар ушундай мемиреген жерде жашайт турбайбы деген ойдо кетет да, -деп абдан кейиген эле. Анда дагы бир алайкуулук;

-Ай, ажобуз Аскар Акаев абдан элпек, тез баскан, кыймылы ыкчам, атаганат, аракка гана жумшай бере турган азамат адам экен, - дептир.

Айтор, Алай-Кууга барсаңыз; өзүңүзгө, сөзүңүзгө, көзүңүзгө, сүйүшүңүзгө, жүрүшүңүзгө, күлүшүңүзгө, сымбатыңызга, кымбатыңызга, урматыңызга жараша ар тараптан талданып, атайын атка конуп, адамдык аброюңуз сыналат.

## *"Мамыров маска кийсе да, масса билет", – деп Абдыманап Мамыров баарыбызды күлдүргөн*

Абдыганы Эркебаев Ош облусуна жаңы аким болуп келген учур эле. Ал эми Абдыманап Мамыров Ош шаарынын башчысы кызматында күчүнө кирип, күнүллөп иштеп жаткан кези. Ошол мезгилде шаардык транспорттордо жүргүнчүлөр билет системасын жерип, жол акы төлөп, бирок, билет албай эле тыйындарын мамлекеттин эмес, жеке айдоочулардын чөнтөгүнө түшүрүп, натыйжада акы төлөп төйлөөнүн көрсөткүчү кескин



төмөндөп, шаардык транспорттордо тейлөөнүн маданиятына да, иштин түпкү натыйжасына да көп нааразычылыктар күчүгөндүктөн, Абдыганы Эркебаев бул багыттагы жагдайды өз көзүм менен көрөйүн деп бир жолу шаардын "Текстилчи" шаарчасынан Түштүк-Батыш кичи районуна № 2-маршруттук автобуска олтурдук. Албетте, облустун акими маршруттук автобуска түшкөндөн кийин кызматтык этикага ылайык шаардын башчысы сөзсүз кошо түшөт да. Мен Абдыганы Эркебаевичтин басма сөз катчысы-жардамчысы катары кошгон, автобустун алдыңкы жагынан кирип, экөөбүзгө билет алып, экинчи катардан орун алып, эл өткөн жагын тосуп олтурдум. Артыбыздан Абдыманап Мамыров келип, алгач ортодо туруп калды. Ангыча биздин артыбызда олтурушкан эки келиндин шыбырап сүйлөшкөнү угулду:

-Оо, кокуй, Мамыров автобуста жүрөт, деди бирөө экинчисине.

-Машинасы бузулуп калса керек да, - деди экинчиси камырабай.

Бул диалогду угуп, Абдыганы Эркебаевич экөөбүз күлүп калдык. Автобустун алдыңкы эшигинен дагы бир-эки адам чыгып, биздин жаныбызга туруп калышты. Алар да бири-бири менен "Абдыманап Мамырович автобуска түшүп алыптыр!" - дешип күбүрөшүп сүйлөшүп барат ышты.

Ошентип акыркы аялдамага жетип келдик. Автобустан баарыбыз түшүп, чогулуп басып келе жатканда:

-Таалант, автобуста сүйлөшкөндөрдү Абдыманап Мамыровичке айтып берсе-деп Абдыганы Эркебаевич күлүп калды. Мен болгон окуяны токпой-чачпай айтып бүтүп-бүтө электимде эле:

-Тууру, Абдыганы Эркебаевич! Мамыров маска кийсе да масса билет, - деп учурунда сөз таап баарыбызды каткыртып күлдүргөн.

## *Маселени 50 % чечтим, чойчокту толтур...*

Журналисттер Ысык-Көлдөгү «Кыргызское взморье» санаторийине барып калдык. Арабызда белгилүү жазуучу, сатирик Абдыганы Абдугафуров да бар эле.



Алгачкы күнү эле, оштук, жалалабаддыктар чогулуп, көл боюнда шарактап олтурушат, көлгө түшүшөт, негедир эс алуучулар аз, жалгыз кыз жээкте китеп окуп олтурат, баары карашат, аны байкаган Абдыганы аке; "Жигиттер мен тиги кызга тийишип, маселени чечип келсем, силер эмне кыласыңар?" - дейт. Анда кесиптештери: «Сизге бүгүн кечке чейин арак, пиво, балык бекер», - дешип, тамашалашып макулдашышат. Абдыганы аке акырын басып барып, кыз менен сүйлөшөт. Бир аздан кийин эле тиги кыз андан ары басып кетет.

Абдыганы аке, кайра коллегаларына келип кошулаарда, аны күткөнлөр «Эмне болду?» - деп жабыла сурашат. Абдыганы аке эч камырабай токтоо сүйлөп, "жигиттер, маселе 50 % чечилди, чойчокту толтур" - дегенде, баары аны сыйлай башташат, арак, пиво, балыкты мол беришет.

Ар түрдүү аския айтылат, күлүшөт... укмуш сөздөр, тосттор айтылат. Ал күнү баары ойдогудай болот.

Анан көлдөн мейманканага кайтаарда, «Абдыганы аке, тиги кыз менен кантип сүйлөштүңүз, күтүп жатса керек, маселени 50 % чечипсиз, эми бул жагы кызык турбайбы?» - дешет кесиптештери.

-Туура, жигиттер, мени кечке жакшы сыйладыңар, эми болгонун айтып берейин, чындыгында маселе 50 %ке чечилген. Тактап айтканда, мен макул болдум, ал макул болгон жок, ошентип маселени 50 % ке чечкемин, - деп аргументти абдан туура айтып, кесиптештерин күлдүрүп, Ысык-Көлдө чоң сый көрүптүр.

# *АБДУГАФУРОВ АНЖИЯНДЫКТАРДЫ КАНТИП КҮЛДҮРГӨН?*

Сатирик, жазуучу, драматург Абдугани Абдугафуров мындан бир нече жыл мурда Өзбекстандын Анжиян облусуна барып, окурмандар менен жолугушуу өткөрөт. Анжияндыктар А. Абдугафуровдун чыгармаларына кызыгышып, сатиралык аңгемелери, анекдоттору, аскиялары тууралуу кеңири пикир алмашышып, көптөгөн суроолорду беришип, жоопторду алышып жолугушуу абдан кызыктуу болот.




Ошондо окурмандардын бири: - Абдуганы аке, биздин Анжиянда акимдер (губернаторлор) он жылда бир алмашат, ал эми Ошто губернаторлор ар жыл сайын эле алмаша берет. Муну кандай түшүнсө болот, - деп суроо узатат.

Анда Абдугани Абдугафуров токтолбой туруп:

- Э-эй тууғандар, ушуну да түшүнбөйсүңөрбү, ал өтө эле жөнөкөй, анжияндыктар он жылда «белек» бергенин, биз оштуктар бир жылда эле берип коебуз. Ошондуктан келген губернаторлор бир жылда эле топтоп кете беришет - деп тамаша аралаш так жооп бериш, таң калтырыптыр. Анжияндыктар андан кийин суроо бербей калган экен.

# *ТООК ЖЫЛЫНДА ТООК ЖЕЙ АЛБАЙ КАЛГАН ПОЛКОВНИК*

Ош шаарында полковник чини бар Алик деген бир досубуз, аялы Бишкекке кетип, баласы экөө Жаңы жыл тосмокчу болот. Базарга өзү түшүп, тоок базардан тоок сатып алып, үйүнө келип союп, жүнүн жулуп, ичин тазалап, балам экөөбүз тоок жылында тоокко бир тоелу деп, казанга салат. Аяш жок болсо да Жаңы жылга мыкты даярдык көрөт, бөтөлкөлөрдү коет.



-Убакыт болуп, эми тоок шорпо ичип, этин жейли деп казандан чыгарса эле, шорпо, эт сасыйт, ичип-жегенге такыр жарабайт. Кызык, бул эмнеси деп таң калышат. Көрсө, өмүрү казан асып тамак жасабаган Алик досубуз, тооктун жакжагын (жемсөөсүн) жарбай, албай бышырып алыштыр.

-Эми муну эч ким укпасын, көрбөсүн деп, Алик бышкан тоокту таштандыга ыргытып жатса, кошунасы Кумар көрүп калып:

- Ай, эмне бышкан тоокту таштандыга таштап жатасың, - деп сураса, Алик уялганынан:

-Тоок жылында тоок жебейт имиш, - деп жооп таап, үйүнө тез кирип кетиптир.

# *АЯШ МЕНЕН КАЧАН ТААНЫШТЫРАСЫҢ?*

Жокенин жоондугунун жарымындай көрүнгөн жубайы Жаным арык чырай, орто бойлуу кымча бел, мүчө келбети да кол менен жасагандай жарашыктуу, көпчүлүктү суктандырган сулуу, айым.



Жаңы жылга жакын чоң тойдо жакын досторунун бири менен дасторкондо олтуруп калыптыр. Анда досу:

-Жоке, сен дайым эле тойлорго кызың менен келесиң, аяш менен деги качан тааныштырасың, - деген экен.

Анан дагы бир кызыгы, Жокени жаңы жыл менен эртерээк куттуктап коеюн деп дагы бир досу үйүнө барып, эшик каккылаcа жубайы ачар замат, «Атаң үйдөбү?» - деп сурaптыр.

## *ЭМГЕК СИҢИРГЕН ЭКИ ИШМЕР МЕНЕН ЖАТАСЫҢ?*

Жаңы жылдын алдында Республиканын эмгек сиңирген ишмери наамы бар электрик Каке, электриктердин кесиптик майрамында кадыры улам жогорулап, электир тармагында шериктеш өлкөлөрдүн алкагында да эмгек сиңирген ишмер деген жогорку наам алып, кош наамдын ээси болгондугуна манчыркай үйүнө келип, келинчегине кыйкырыптыр:



-Э-эй сен эмгек сиңирген эки ишмер менен жатасың? - деп өзүн эки наамдын ээси экендигин билдиргиси келиптир.

Анда жубайы ичинен ойлонуптур:

-Кокуй, бул экинчисин кайдан билип алды экен?...

# ТУРАТ АТЫН ӨЗГӨРТҮП АЛСЫН

Жоролор жаңы жыл арапасында бир жакка барышмакчы болушат. Эрте менен Оштогу "Батыш" кичи районундагы базардын жанында чогулушат. Кечинде тойдо болушкан Бакыш менен Асаке ымдаша коюшуп, баары чогулгуча үлгүрө калууну ойлошуп, камокко баш багып, баш жазалы деп жүздөн эми алганда эле, эшиктен Тураттын айдоочусу Баходыр кирип, сиздерди тез чакырып жатат дептир.



Анда Бакыш.

-Ким?- деп сураптыр.

Айдоочу:

- Турат - деп жооп бериптир

Бакыш дагы элүүнү жутуп жатып:

- Атын өзгөртүп алсын, - десе, айдоочу түшүнбөйт.

Кайра жоролорго келип ал сөздү айтса, баары күлүшүптүр.

Ошондо гана Баходыр: Күтүп турат дегенди айткан турбайбы деп өзү да күлүптүр.

# *МАХАМАДЖАН, ЧЫК, ЧЫК...*

Жацы жылга чейин жоролорго чай берип коеюн деп, Махмуд саунага бир үндүктү Махамаджанга бышыртып, дасторконго алып келет.



Шорпо тартылып Махамаджан этти көтөрүп киргенде Махмуд:

-Махамаджан чык-чык- … деп кыйкырат.

Ал чыгып кеткен боюнча узакка кирбейт. Эт муздай баштайт, бир убакта Махамаджанды чакыргыла деп дагы бирөөнү жиберет.

-Мен үндүгүн союп бышырып даярдап келип берсем, Махмуд "чык, чык", - деп нимага бакырат - деп Махамаджан таарынып олтурган болот.

Көрсө, шорпого туз салып, чык алып кел десе, ал түшүнбөй, чыгып кет деген турбайбы деп таарынганына күлүшсө, Махмуд "набакап" - деп кыйкырбагандыгына башын чайкаптыр.

## ЖАКШЫ КИШИ МЕНЕН СҮЙЛӨШСӨҢ ЖАКШЫ ДА...

Ош шаарынын тургуну, Өзгөндүн кулуну Шаршен Жаңы жылды өтө "катуу" тосконду*ктанбы, бир нече күн өзүнө келе албай, калтырак басып кыйналыптыр, кайра ичип койсо, өзүнчө сүйлөнө калат экен.

- Жаңы жылдын алгачкы күндөрү кайниси Мукамбет үйүнө барып калыптыр. Караса бөлмөдө жалгыз, уулунун атын айтып:



- Кайрат, сен жакшына бол, арак алып кел, бүгүнкү түнү "кетип" калсам, жакшы ыйла, Айдар акем атамдай эле, Шаршен, сен ушундай белең, баары жакшы болот, эми ичпейм, бол апанды чакыр, өлөт окшойм, жок мен өлбөйм... - деп өзү менен өзү сүйлөшүп жатыптыр.

-Ээ жезде, эмне болду? - деп сурайт Мукамбет.

Мастыктан соолуга албаган Шаршен өзү менен өзү сүйлөшкөнүн айта:

-Ээ, кайним, жакшы киши менен сүйлөшсөң жакшы да, - деп жооп берип, кайра бир жутуп жатып калыптыр.

## БАШ ЖАЗУУНУН АМАЛЫ

Ошол эле Шаршен ошентип, "запойдон" чыга албай, бала-чакасынын, аялынын жемесин угуп, баш жазганга акча таппай айласы куруп турганда Кара-Суудан Гуля деген бир аяшы келип калат. Үйүнөн акча сураса эч ким бербейт. Эмне кылышын билбей мукурайт. Анан аяшына кайрыла:

-Айланайын аяш, кокус мен "бир балээ" болсом, досуна, балдарыма деле көңүл айтып, акча бересиң, андан көрө ошонун эсебинен бир бөтөлкө алып берчи, тирүүмдө эле көрүп калайын, - деп арак алдыртып, баш жазуунун айла-амалын таптыр.

# *АЛАЙКУУЛУКТАР АҢГЕМЕЛЕШКЕНДЕ*

***Бир жылы калың кар жаагандан кийин айылдан кабар алып коеюн деп Алайкуудагы Абды аттуу толмоч досума телефон чалдым:***

**- Досум, кандайсың?**

- Семиз элемин.

**- Кар кандай?**

- Кар аппак.

**- Кар канча?**

- Кар бекер, 1 метр...

**- Жол кандай?**

- Жол ийри-буйру.

**- Азыр кай жердесиң?**

- Ал жер сага көрүнбөйт.

**- Аяш жүрөбү?**

- Бозо ичип жүрөт.

**- Айылда кимдер бар?**

- Чалдар, балдар жана малдар...



**-Эмне жаңылык?**

- Алкаштар ажы, чоң муштумдар «чоң» болуп алышкан.

**- Свет барбы?**

- Ал Ош шаарыңарда өчөт...

**- Эл журт кандай?**

- Россия менен Казакстанга кеткен.

**- Айыл тынчпы?**

- Мастар муштапшаса, тынч...

**- Достор кандай?**

- Жуке "басып" атат, Дөңгү лазга чейин жаш аялына Бишкекке кеткен.

**- Баш жазып, соол иш кылып кой?**

- Арагым жок болсо, күрөгүм бар.


**- Көрүшкөнчө...**

- Көз мененби, кол мененби?..

**- Жакшы тур.**

- Жатып алып сүйлөшүп атам.

***P.S: Алайкуудагы айылдык досторго телефон чалып, мындай мааниде аңгемелешүү өмүрүңүздү узартат.***



# Арноолор, достук азилдер, тамашалар

# *БИЙИК БОЛСУН ЗОБОЛОҢ!*

***ЖЭЭНБЕКОВ Асилбек Шарипович Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин торагасы кызматына шайланганда жазылган арноо ыр***



Берип Теңир ооматты,
Буюруптур спикерлик кызматты.
Бийик болсун зоболоң,
Бийликте бол урматтуу.
Калыс иште, таза жүр,
Калайыкка-кымбат бу.
Каалоо-куттук, тилегим,
Кадыр күткүн сымбаттуу.

Жапырт колдоп өзүңдү,
Татыктуу деп тандады.
Чоң ишеним көрсөтүп,
Депутаттар шайлады.

Тажрыйба, акыл, илим бар,
Кантөрө ага сөөлөттүү.
Ыйык өлкө элчиси,
Жусупбек аке дөөлөттүү,
Мартабалуу Сооронбай,
Маңдайы жарык ал-көрктүү.
Атактуу, даңктуу үй-бүлө,
Акыйкат, адал, ак сөздүү.

Шарип ата барк эле,
Жалпы журттун-ардагы.
Калк кадырлап сыйлачу,
Кыргызстандын аймагы.
Колдоп жүрсүн дайыма,
Айкөл ата арбагы.

***Декабрь, 2011-ж.***

# *АКЫН, ДОСУМ КОЖОГЕЛДИ КУЛТЕГИНГЕ*

***(50 жаш мааракесине арналган)***



Кырчын жаштык, ышак болуп, бир өскөн,
Кызык, сонун студенттик күн өткөн.
Кыйышпаган, достукка өтө бекемсиң,
Мамилең бар, жасалган чын жүрөктөн.

Аяш ата айткан азан айрыкча,
Аярланып кан-дилиңде тургандай.
Азанчылык, устачылык жалгашып,
Теңир сени, ырга азанчы кылгандай.
Аяш эне жамактаткан уйкаш сөз,
Акындык - бул киндик менен жуккандай.

Таң калтыра оку ырыңды эл уксун,
Таңкы азанды Алай Кууда уккандай!
Күйөрмандар ынтызары өзгөчө,
Китебиңден бал уурттап жутканадай.
Жарым кылым той-маарекең кут болсун!
Жаша кылым, толо жүзгө чыккандай.

**Кожо өзүң, кожо сөзүң, тил ошо,**
**Ырың ошо, сырың ошо, дил кошо.**
**Кыз эриткен махабаттуу кайрыктар,**
**Кулагымда; коңур үнүң ыр созо…**

***Бишкек, 03.12.2010-ж.***

## Акын Манап Алиевге

*ЭлТРдеги ыр кечесиндеги окулган азил аралаш ыр*



Э-эй, досум Манап,
Жүрөгүңдө от жанат,
Адабий-музыкалуу кече, -
Бүгүн чоң салтанат.
Күйөрманыңдын көбү,
Олтурушат карап,
Бир тамгалуу гимн-ыр ырдаган.
«Бөрүлөр» да келишкен тууган санап.
МГУда чогуу окудук,
Терең билимди самап,
Диплом алган соң,
Ар ким кызматын табат.
Москвада калып калдың,
Щепкин театр окуу жайына жарап.
Актерлорго көркөм окууну үйрөтөм деп,
Эмоцияң ашып кетти алга карап,
Анан Кремлде иштедиң,
Орус каттарды кыргызчалап.
Кыргыз каттарды орусчалап.
Оо, досум Манап,

Кыргызча жазбай калат белен, билбейм.
Бирок, жакшы болгон экен СССР тарап.
Дина аяш да чыгаан чыгып,
ООНго чоң кызматка барат.
Анан Макем,
ООНдун Казакстандагы окүлүнүн
Жубайы, - деген статус алат .
Ал эми уулдарың Айдар, Адигине,
Пегастагыдай сага кош канат,
Ээ Маке!
Кара Кулжанын акыны болдун,
Алыкул сыйлыгына татып,
Акими да болдуң,
Элден ишеним артып.
Үй-бүлөгө карабай иштедиң,
Иш болмоңло жатып .
Ысык суукка катып…
Эми акимден акын жакшы деп,
Жүргөн чагың кеңири басып.
Ээ, досум Манап,
Чыгармачылык ийгилик каалап,
Чын дилден ыр арнаган,
Чыныгы дос Моңолбаев Талант.

***27.02.2009, Ош.***

# *ЧОЮНОВ ЭРМЕК ЖУНУСОВИЧ – 50 ЖАШТА*



**Эрмек, кут болсун туулган күнүң,**
**Эл-деп, жарым кылым жашадың бүгүн.**
**Кел - деп, жайыл дасторкон жайып,**
**Кубанууда уул-кыздарың, жубайың ГҮЛҮҢ**

Чыгаан чыксын жерден деп,
Кыраан болсун, элден бек.
Жакшы тилек тилешип,
Ат коюшкан Эрмек, - деп,
Аяш ата, апабыз,
Ардакташты эрмектеп.
Жайдары дайым мүнөзү,
Жалган болбойт эч сөзү.
Ишине мыкты-чоң адис,
Ишенгени бир өзү.
Базаркомдон башкага,
Котортуп бийлик күчөдү.
Жетекчи болуп салыкка,
Мэрлер дагы жүдөдү.
Жолдош-доско бекемсиң,
Жакшы жоро экенсиң.

Жардам берип, жар-доско,
Жанында болуп келесиң,
Жагымдуу сөзүң дайыма,
Жакшы менен жаманды
Жан дилиңен сезесиң,
Эрдик кылып эркекче,
Компьютер бердиң гезитке
Чынын айтсам жородон,
Чыккан эмес Эрмекче,
«-Гезит ач», -деп күүлөгөн,
Байлыгы, бийик болгону,
Жолборс менен Жумаке,
Сурап дагы койбоду,
Адамдык бийик сапатың,
Башыңа бакыт конгону.
Алдыга койгон максаттар,
Аткарылсын ойдогу.
Баарыбыз айраң болгонбуз,
Барбай койсоң Сузакка.
Жакшы иштеп жүрө бер,
Жалал-Абад жакты узакка…

***Ош, 2010-ж.***

## *ЭРКЕБАЕВ Молдобазар Жаңыбаевич – 50 жашта*



**Мааракe – тоюң кут болсун,**
**Мартабаң артып кут консун!**
**Мансаптуу өмүр сүр, -дейбиз.**
**Максаттуу аман жүр, - дейбиз.**

Түмөн санн финансист бар,
Түгөл айтса, сөздө калаар,
Түз адам деп эске салаар.
Түпүктө бир, сөзгө алаар,
Чынында эле, чоң финансист көзгө басар.
Экөө болсо-бирөөсү,
Жалгыз болсо-бир өзү,
Бул-бүгүнкү той ээси,
ЭРКЕБАЕВ МОЛДОБАЗАР.
Көздөрү, балбылдаган бакыракай,
Сөздөрү, тамашаны катырат-ай,
Мүнөзү, сылык-сыпаа, карапайым,
Күлгөнү, кыз-келинди карат-ай,
Жүргөнү бир өзүнө жарашат-ай.
Атанын уулу аталып, аброй таап,
Ар дайым ат үстүндө - сыйда жүрөт.
Финансы кызматынын мыктысы деп,
Коомчулук Мокени, жакшы билет.

Моке, өтө сарамжал, мыкты жетекчи,
Шаарда бюджеттегилердин баарын багат,
Ал эми үйүндө да үнөмчүл кожоюн,
Отун-көмүрдү пакетке бирден салып жагат,
Ошентип, жоро, кудаларга жайылтып,
От жагуунун таза, үнөмдүү жолун табат.
Кара-Кулжалыктар жердешибиз, -деп билишет,
Аравандыктар аравандык, -деп жүрүшөт.
Ал кайсы жерде кызматта жүрбөсүн,
Ак көңүл, адамгерчиликтүү инсан, -деп сүйүшөт.
Ал эми жан күйөөрү, ынагы,
Замира-апын сүйүктүү жубайы,
Жалпыга тегиз караган,
Жарык чачкан чырагы.
Өйдөдө өбөк болгон жан,
Ылдыйда жөлөк болгон жан,
Туурун бирге тандашып,
Турмушка кошо келген жан.
Эки иштен бир иш, -дегендей,
Эгиз кыз төрөп берген жан.
Айтпасак болбойт, Мокени,
Ким экендигинин аты-жөнү.
Сый-урматта болушкан ата-теги,
Ээлеген орду бар-үйдүн төрү,
Жети уруунун ичинен эң улуусу,
Мокенин уруусу чыныгы Бөрү.
Моке!
Кут болсун элүү жашың,
Эр ортону жолду бастың.
Ой-максат бийик болуп,
Ооматың андан ашсын!

***Ош, 22.06.2009.***

# *ОСМОНОВ ЖОЛБОРСБЕК АРЫКБАЕВИЧКЕ*

***50 жаш маарекесинде окулган ыр***



Бүгүн өзгөчө той-салтанатка чогулдук,
Анткени, 50 жаш-маарекеси Жолборстун,
Каалоо-тилегин билдирген бүт Оштун,
Сөзүн уккула оштук жоро - жолдоштун.

Жоке, Кара-Кулжалык болгону менен теги,
Базар-Коргон району - туулган жери,
Анда парткызматта болчу аяш атабыз Арыкбай,
Иштечи эле эмгек баатыры Өлмаскан менен талыкпай.

Абийир, беделинди бекем сактадың,
Алгач окууну Алматыдан баштадың.
Казак кыздардан хохолдор жакшы көрүнүп,
Киевге окууга кайра кадам таштадың.

Окууну бүтүп жаман жолго баспадың,
Эл кызматында иштегенден качпадың
Таш - Көмүрдө лимонад, суу чыгарып,
Анан Өзгөн пивзаводунун босогосун аттадың.

Жаштык жигер жакшы аракет менен,
Ийгиликтүү иштеп өзүңдү көрсөттүң.
Абройлуу алыс, мыкты жетекчи катары,
Пиво заводдон арак заводго тез өттүң.

Адамдардын күндөлүк жашоосу үчүн,
Арак менен базар абдан керектир.
Бир чаласы калгансып: Ош арак заводго,
Кара-Суу базарына эки жолудан болдуң директор.

Бирок, эки ирет коюп Жогорку Кеңешке,
Депутат болбой калгандыгың салды кейишке.
Ошентсе да, область менен Ош шаары,
Депутаттыкка шайлашты бүт баары.

Ошентип Жолборс кайтпайт жолунан,
Иши жүрөт ар дайым оңунан.
Керек-жарак коому, Финполиция, терминалда,
Кызматты, бийликти чыгарган эмес колунан.

Ысык- Көлдө да иштеди жемиштүү,
Кызмат орду болуп - Балыкчы.
Шаардын капчыгын калың толтурду,
Вазийпасын аткарып: баш салыкчы.

Эми Жоке !
Маарекең кут, өмүрүң узун болсун,
Ийгиликти каалайбыз ишиңе зор.
Зоболоң бийик, мартабаң арта берсин,
Дайыма бар бол, бүгүнкү ревизор.

***Бишкек, 2009-ж.***

## *АТТОКУРОВ МАМАЗАЙИР-50 ЖАШТА*

### *50 жаш маарекесинде окулган ыр*



Кубанып куттук айтабыз,
Кут болсун туулган күнүңүз.
Ардайым коштоп жакшылык,
Аман-эсен жүрүңүз.
Ардактуу агайын - туугандар,
Ак тойго чогулгандар.
Кары-жаштар, аксакалдар,
Кудай кошкон кудалар.
Асылзат апа, аялдар,
Эже-сиңди, карындаштар.
Элүү жылдык маарекеге,
Эл чогулуп олтургандар:
Тойдун ээси баарыбызга дайын,
Күлгөнү, сөзү да майин.
Жүргөнү, мүнөзү да шайыр,
Ал - Аттокуров Мамазайир.

Ооматы жүрүп башынан,
Оңолгон иши жашынан.
Абытайдан бата алган,
Алгач "селсоветте" такшалган.
Ошентип өзүн көрсөтүп,
Он беш жыл өкмөт башкарган.
Ошондон кийин Терексуулуктарга,

Төрагалык династия таштанган.
Капчыгайда айыл өкмөттү,
Терексуулуктар гана башкармай...

Ачыгын айтсак, чынында,
Алгач шайлоодо Камил "жайланган".
Алманбет «Койсары» болуп шайланган.
Азыр элдин арабасын тартуута,
Иркамил, (Идан) байланган.

Капчыгайда кеп бар дейт:
-Читага Мамазайирга айт, -
Эгер таппай калсаң айланды.
Дароо чечип берет дейт
Кантип кызматка барганды,
Атаандашты таза утуп,
Өкмөт болуп шайланганды.

Анан дагы той ээси,
Түптүү жердин тегинен.
Атактуу ата-бабасы,
Чыгаан чыккан элинен.

Дагы калып калбасын бир чаласы,
Той ээсинин жубайы - Алчакан;
Айтылуу Айтмеректи аткан,
Атактуу чекист Маматбайдын өз баласы,
Ал эми Мамазайир көздөй күйөө баласы.
Булар үлгүлүү үй-бүлө,
Болбойт, такыр санаасы…

Маарекеңиз кут болсун,
Башыңызга кут консун!
Узак өмүр сүрүңүз,
Элүү жаш дагы жуп болсун!

***Ош, 2008-жыл, 25-март***

# КАПЧЫГАЙЫМ

*Обону: Момуналы Ибраимовдуку*

Каракулжа кандай сонун, кооз жер,
Кадырлуу калк урпактары мына – биз.
Киндик каның тамган жериң ыйык го,
Капчыгайды Атажурт деп билебиз.
Кай жерде иштеп, жашасак да танбайбыз,
Көңүл-дилде тоолукпуз деп жүрөбүз.

**Капчыгайым, Капчыгайым, Капчыгай,**
**Эл бактысын бир өзүңдөн тапчудай.**

Жергебиздин сулуулугун даңктайлы,
Жол, суу, жайлоо аттары эле ыр тура.
Кызылкыя, Каракыя, Көккыя,
Эс алганга, чер жазганга эп тура.
Атажурттун улуулугун барктайлы,
Бабалардан, дос-туугандан кеп кура.

**Капчыгайым, Капчыгайым, Капчыгай,**
**Эл бактысын бир өзүңдөн тапчудай.**

Айылдар бар: Терексуу да, Талдысуу,
Шамал согот: Акбогуздан, Кеңдисуу,
Талаалары: Арпатектир, Чоңкааты,
Жайлоолору: Актал, Көкой, Көлкайкы,
Токою бар: Чыбыкалма, Өрдөштө;
Эл сыйынат: Бука көлдө; көп жерде...

**Капчыгайым, Капчыгайым, Капчыгай,**
**Эл бактысын бир өзүңдөн тапчудай.**

Улар сайрап, кайберендер жайнаган,
Бүкүчөктөй, Чаккан таштай зоосу бар.
Парандалар музыка сымал сайраган,
Көк мелжиген көп сандаган тоосу бар.
Уюткулуу эл намысын коргогон,
Капчыгайдан далай кыйын эр чыгар.

***Капчыгайым, Капчыгайым, Капчыгай,***
***Эл бактысын бир өзүңдөн тапчудай.***

Алча, алма, бүлдүркөн жеп токойдо,
Балалык кез кетпейт такыр көңүлдөн,
*Ышкын териш, кымыздык жеп тоолордо,*
Бул Капчыгай бейиш эле көрүнгөн.
Малы жайнап, эли жыргап эс алган,
Жайлоосу көп Чоңбоор, Көкжар, Көбүргөн.

***Капчыгайым, Капчыгайым, Капчыгай,***
**Эл бактысын бир өзүңдөн тапчудай.**

Андан ары жер бар "Орус атышкан",
Ата-баба улак ойноп тартышкан.
Бийик тоодо булут менен жарышып,
Аргымак чаап, ыракатка батышкан.
Мал жайылган жайлоо көркүн чыгарып,
Чучук, эт жеп, бал кымыздан татышкан.

**Капчыгайым, Капчыгайым, Капчыгай,**
**Эл бактысын бир өзүңдөн тапчудай.**

Оо Капчыгай, тооң бийик – аскалар;
Суктанышсын көрбөй жүргөн башкалар!
Мейман барса, жайдын толук кезинде
Табигатка тамшанышып таң калаар.
Жери сулуу, суусу таза, эли улук,
Жаратылыш көркү менен даңкталаар.

**Капчыгайым, Капчыгайым Капчыгай,**
**Эл бактысын бир өзүңдөн тапчудай.**

# ОШПИРИМ

***Обону: Маматибраим Бостонкуловдуку***

Байыртан баркы бийик, эли сыйлуу,
Ошпирим ооматы бар, жери сулуу.
Акбуура, Сулайман тоо деми күчтүү,
Меймандос калкыбыздын сөзү жылуу .
Жибек Жол - Чыгыш, Батыш байланышы,
Ош аркылуу өткөнүнүн өзү улуу.

**Кайырма:**
*Шаар жок, мага сүйкүм Ош шаарындай,*
*Ошпирим эч жан билбес сырларымдай.*
*Береке, жер-жемишке бүт баары бай.*
*Ош шаары - бейиш төрү жыргалындай.*

Ош ыйык: назар салган пайгамбарлар,
Өзгөчө сыймыктанаар Сулайман бар.
Шаар көркү - Сулайман тоо - зыярат жай,
Экинчи Мекке делип, көрүүгө зар.
Ордолуу Ош журтунан кызыр коллоп,
Башкарган көп улутту хан, даткалар.

**Кайырма:**
*Сулайман тоо - Ошумдун жүрөгүндөй.*
*Акбуурабыз - шаардын мүрөгүндөй.*
*Керметоо баткан күндүн түнөгүндөй,*
*Ак булабыз пахтазардын чүрөгүндөй.*

Ош шаарым, эң байыркы шаарлардан,
Отуз кылым тарыхы бар жаралгандан.
Куттуу жер, берекенин кенчи делип,
Көп калган аталардан, бабалардан.
Ошпирим касиеттүү, ариеттүү,
Эл дили зыяраттан тазалангаң.

**Кайырма:**
*Ош шаарым – жердин ыйык мурасындай.*
*Достуктун, көп улуттун уясындай.*
*Береке сулуулуктун тартуусундай.*
*Ошпирим кереметти - мына ушундай...*

## *СУЛАЙМАН ТОО*

Ыйык тоо – Сулайман тоо,
Ош үчүн бул чоң олжо.
Касиеттүү зыярат жай,
Дил тазарып калат ойдо.

Кылымдарды карыткан тоо,
Кыйындарды багынткан тоо.
Баба, бала бата тилеп,
Пайгамбардан сыр уккан тоо.

Сулайман тоо - жүрөктөй тоо,
Сүйүүлөргө гүл өскөн тоо.
Аруу дилдер түнөктөшкөн,
Махабаттын күнү өткөн тоо.

Ыйык тоо – Сулайман тоо,
Мекке аталып, сыйынган тоо.
Сыймык тоо – Сулайман тоо,
Мурас болуп, уланган тоо.

Сулуу тоо – Сулайман тоо,
Сулуулардай керилет тоо …
Улуу тоо – Сулайман тоо,
Укмуштуудай керемет тоо.

…Оо, Сулайман тоо, Сулайман тоо…



## *ЧЫРАГЫМ-АЙ*

***Обону: Токтосун Алымбековдуку***

Чырагым ай, жарыгым, чырагым, ай,
Чырайына жарашкан кыялың, ай.
Кадырыңды баркыңды эми билип,
Караанына зарыгып турамын, ай.

Көрүнчүдөй элесиң, жүргөнүң, ай,
Көз алдымда көрүнүп күлгөнүң, ай.
Кусалантып жүрөктү жаралаттың,
Көңүлүмдө дайым сен сүйгөнүм, ай.

Жаркылдаган жайдары мүнөзүң, ай,
Жашоодогу жароокер бир өзүң, ай.
Жадыраган балбылдак көздөрүң, ай,
Жанга сүйкүм жакшына сөздөрүң, ай.

Махабаттан табылган кумарым-ай,
Жүрөгүмө тагынган тумарым-ай,
Жүрөм тилеп, ардагым, бактылуу бол,
Түбөлүккө сагынган ынагым-ай!

**Кайырма:**
*Чырагым-ай, чырайың-ай,*
*Күлгөнүң-ай, сүйгөнүм-ай.*
*Мүнөзүң-ай, бир өзүң-ай,*
*Сөздөрүң-ай, көздөрүң-ай.*
*Тумарым-ай, ынагым-ай!*

## *САГЫНУУ*

Ыраактан өзүңдү эстеп, эңсей берип,
Сагынуу сезимимден кетпес болду.
Кусалуу кыялымдан ойлор келип,
Көңүлдүн тереңине көп топтолду.

Көргөндө сенин түшкөн сүрөтүңдү,
Караймын көзүмдү албай бир өзүңдү.
Көп сырдуу жылмайыңкы элесиңден,
Укчудай бир – эки ооз чын сөзүңдү.

Алыстык алсыратып жан дүйнөмдү,
Сагыныч бүт оюмду бийлеп алды.
Эстээрсиң өзүң дагы биздин күндү,
Теңдешсиз, унутулгус ошол таңды.

Сагынуум сага күчөйт улам, улам,
Бассам да, отурсам да... көңүл бурам.
Элесиң көңүлүмдө бек сакталып,
Азыр да жалгыз сени эстеп турам...

## *ЖАШ ЖУБАЙЛАР*

Көңүлдөр жагып батына,
Көөдөнгө сүйүү толгондой.
Көрүнөт сүйкүм татына,
Көпөлөк гүлгө конгондой.

Ак көйнөк кийген жубайлар,
Ак дилден кадам койгондой.
Ак бата берсе аталар,
Ак шумкар колго конгондой.

Колдорун бирге кармашса,
Күн, ай да күбө болгондой.
Кошулду аппак никеге,
Кош ак куу көлгө конгондой.

**Кайырма:**
*Бактылуу болгула,*
*жупташкан жубайлар!*
*Таалайлуу болгула,*
*Табышкан түгөйлөр!*

# АЙЫЛДАН АЙГА

*Обону: Талант Анарбаевдики*

Ааламга жол башталган,
Ата-бабам баркталган.
Асылым айыл - туулган жер,
Атагы чыгып даңкталган.

**Кайырма:**
*Ата журт - ыйык сеземин,*
*Айылым - кичи мекеним,*
*Аракет жасап астейдил.*
*Айылдан айга жетемин.*

Балалык жап-жаш кезимден,
Өскөн жер кетпейт сезимден.
Бал таткандай мөмөлөр,
Булагы мүрөк сезилген.

**Кайырма:**

Тоолордон чыкса кылайып.
Айылга жакын сулуу ай.
Татына укмуш сүйкүмдүү.
Кыялы сонун сулуудай.

**Кайырма:**
*Ата журт - ыйык турагым,*
*Ардактап сүйүп турамын.*
*Ар дайым ачык кучагың.*
*Айылдан айга учамын.*

***PS: Кыргыз маданиятында, музыкасында озгочо жаңылык киргизип, Талант Анарбаев Талантбек Моңолбаевдин «Кодолек», «Кескелдирик», «Ким кандай жинди» саясий тамсил-памфлеттерине да обон чыгарган.***

## *СТОКГОЛЬМ*

Суу үстүндө шаар аталган,
Суктандырган Стокгольм.
Тилдүү дудук болом го, - деп,
Барарымда көп ойлонгом.
Кооздугуң таң калтырды,
Көрүнүшүң таңдандырды.
Көчө таза, көңүл таза,
Ишине сак, сылык сыпаа,
Өзүнө так, сөзүнө так,
Бүт иштерман адамдары.
Жүрүм-турум үлгүсүн айт,
Өтө бийик сапаттары.
Келишкен мүчөлөрү,
Кыздары көчөдөгү.
Көгүлтүр көздөр ойнойт,
Көк деңизден каректери.





-Хей (салам) - деп алгач салам айтса,
-Эй - дегендей жүрөк туят,
Көрүнсө сулуулары,
Көңүлүң ойноп турат.
Деңизге шаар өскөн,
Купулга өзүң толдуң!
Стокгольм, Стокгольм,
Дайыма сен бар болгун!

# МОҢОЛБАЕВ ТАЛАНТБЕК ШАРИПОВИЧ



Моңолбаев Талантбек Шарипович 1961-жылдын 3-майында Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы Кара-Кулжа районунун Капчыгай айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1985-жылы Москвадагы М.В.Ломоносов атындагы мамлекеттик университеттин журналистика факультетин бүтүргөн.


1985-86-жылдары Кыргыз Телеграфтык агенттигинин (ТАСС) кабарчысы, 1986-2009-жылдары Ош облустук «Ош жаңырыгы» газетасында кабарчы, бөлүм башчы, башкы редактордун биринчи орун басары, Ош облусунун мамлекеттик администрациясынын басма-сөз кызматынын жетекчиси, облустук «Ош жаңырыгы» газетасынын башкы редактору, Ош облусунун туризм жана спорт боюнча комитетинин төрагасы, Ош облусунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатордун басма сөз-катчысы, Ош шаардык «Ош шамы» газетасынын башкы редактору, көз карандысыз «Эл маселеси» (түштүк аймактагы облустар аралык) газетасынын башкы редактору кызматтарында иштеген.

2010-жылдын август айынан бери Ош облустук «Ош жаңырыгы» газетасынын башкы редактору. 1996-2004-жылдары Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы «Капчыгай» айылдык Кеңешинин жана Ош шаардык Кеңешинин депутаты болуп шайланган.

«Манас-1000», «Ош-3000», «За заслуги» медалдары, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана Кыргыз Республикасынын журналисттер союзунун, Ош облусунун мамлекеттик администрациясынын, депутаттардын Ош облустук жана Ош шаардык Кеңештеринин, Ош шаарынын мэриясынын бир нече Ардак грамоталары менен сыйланган. Көптөгөн чыгармачыл сынактардын жеңүүчүсү.

Борбордук Азия боюнча массалык маалымдоо каражаттарынын аймактык башкы редакторлорунун арасындагы конкурстун жеңүүчүсү катары Швецияда Стокгольм, Кальмар, Портелье шаарларында медиа-менеджмент боюнча семинарга, Европа жана Азия өлкөлөрүндөгү газеталардын башкы редакторлорунун Украинанын борбору Киев шаарында өткөрүлгөн 2010 медиа-форумга катышкан.

Кыргыз Улуттук Жазуучулар кошунунун, ошондой эле Кыргызстан жана СССР журналисттеринин кошундарынын мүчөсү, белгилүү памфлетчи, «Дил балкым» ырлар, саясий тамсил-памфлеттер жыйнагынын автору.



# Автордун архивдик сүрөт альбомунан


Атам Шарип, апам Салакан менен. 2011-ж.


Автор туугандары менен



**Атам, апам, бир туугандар менен**



**Эжем Меймankан, жездем Сурапбай, карындашым Мира менен**



Атам Шарип, обончу Исрадин Аманбаев менен



Туугандары менен



Атам, апам балдары, неберелери менен



Тилек менен Минура



**Уулум Тилектин тоюнда**



**Обончу Токон Эшбаев, акын Тазагүл Закирова менен**



Ош областынын губернатору Сооронбай Жээнбеков менен



Кыргызстан аялдар конгрессинин президенти З. Акбагышова жана акын Т. Закирова, КР Эл артисти Ш. Садыбакасова менен



**Кыргыздын белгилүү обончулары Асан Керимбаев, Түголбай Казаков менен**



**Обончу Момунали Ибраимов менен**



**Акын Кармышак Ташбаев менен**



**Акын Кожогелди Култегин менен**



Ош областынын губернатору С. Жээнбеков, журналисттер Т. Кенжеев, Н. Исаков менен. 2010-ж. 7-ноябрь



Акын Кожогелди Култегин, обончу, композитор Исрадин Аманбаев Ош жаңырыгынын кызматкерлери менен.



«Ош жаңырыгы» гезитинин 70 жылдык маарекесинде башкы редактор Жапаркул Ташиев менен. 2008-ж.




«Ош шамы» газетасынын 15 жылдык маарекесинде 2006-ж.



Президент Р. Отунбаева менен Оштогу жолугушуу. 2010-ж.



Ош облсотунун торагасынын орун басары Нургүл Бакировага «Жылдын мыкты адамы – 2009» дипломун тапшыруу учуру



**Кыргыз Республикасынын Президенти Роза Отунбаева КР Ардак Грамотасын тапшыруу учуру. 2011-ж. 4-ноябрь. Бишкек**



**Белгилүү коомдук жана мамлекеттик ишмерлер, ардактуу ардагерлер Азим Карашев, Орозбек Акимбаев менен 2012-ж**



Кыргыз Эл артисти Г. Садыбакасовага «Жылдын мыкты адамы – 2011» дипломун тапшыруу учуру



Белгилүү журналисттер К. Кошалиев, Ж. Турдукожоев, К. Раматов менен



Украинанын экс президенти Леонид Кучма менен. 2010-ж., 8-декабры. Киев шаары. Европа жана Азия Медиа форуму



Россиянын белгилүү тележурналисти Светлана Сорокина жана журналист, коомдукишмер К. Кошалиев менен. Киев шаары. 2010-ж.




**Чыгаан журналист Бүбүкан Досалиева менен. 2010-ж.**



**Киев шаарында**



«Кабар» агенттигинин башкы директору К. Табалдиев, Москвадагы «Евразийцы - новая волна» коомдук фондунун жетекчиси Ю. Ф. Ануфриев, «Кыргыз Туусунун» бөлүм башчысы М. Тыналиев менен 2011-ж.



**Ысык-Көлдө. 2011-ж.**



Амангелди Муралиев менен



Журналисттер Б. Орунбеков (Кыргыз Туусу), А. Башиков менен. Стокгольм шаары. 2005-ж.



**Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев Өзбекстандын Президенти И. Каримовдун Оштогу жолугушуусунан. 1993-ж.**



**Оштук журналисттердин Мисир сыйлыгын М. Акаевага тапшыруу учурунан. 1994-ж.**



**Капчыгай айылында**




**Туугандары менен**



Айылдык туугандары менен


Туугандары менен



Ор Казган жайлоосунда туугандары менен





**Кара-Кулжа Тар дарыясында**



**Канчыгайда классташтары менен**

# Мазмуну:

Кыргыз поэзиясында жаңы чыйыр ____ 5

**Тамсил-памфлеттер, жапытмалар, азил-тамашалар**

Бүркүт, үкү, жарганат ____ 7
Ким кандай жинди? ____ 14
Депутаттар – жапыбарлар ____ 17
Маскара марш ____ 21
Ордо ____ 24
Паспорту жок сен кимсиң да, мен киммин? ____ 27
Кескелдирик ____ 29
Кодолек ____ 30
Бир үй бүлөдөгү көп партия ____ 32
Киттер, иттер, биттер ____ 34
Мас Мастан ____ 36
Түлкүнүн бет кабын кийген канчык ____ 38
Мансапкор балтек ____ 41
Эчки ____ 43
Жоролордун картасы ____ 45
Саунада жоролор ____ 48
Чочконун башчы-акимдиги ____ 50

**Ырысбай Абдыкадыровдун тамсилдери**

Чыккынчы чымчык ____ 60
«Илимпоз» коңуз ____ 63
Кароолчу ала күчүк ____ 67

**Акын, сатирик, памфлетист Талантбек Моцолбаевдин чыгармалары жөнүндө илимий жана адабий пикирлер**

Талантбек Моцолбаевдин тамсил-памфлеттеринин таасирлери ____ 70
«Дил балкымдып» бил баркын ____ 74
Калемгер жөнүндө калыс сөз ____ 77
Талант тамсил-памфлеттери же кыргыз адабиятындагы жаңылык-жанр жөнүндө ____ 80

**Даректүү күлкүлүү окуялар, такмазалар**

Аскар Акаев Алай-Кууга барганда… ____ 92
"Мамыров маска кийсе да, масса билет", – ____ 93
Маселени 50 % чечтим, чөйчөктү толтур... ____ 94

Абдугафуров Анжияндыктарды кантип күлдүргөн? 95
Тоок жылында тоок жей албай калган полковник 96
Аяш менен качан тааныштырасың? 97
Эмгек синирген эки ишмер менен жатасың? 98
Турат атын өзгөртүп алсын 99
Махамаджан, чык, чык… 100
Жакшы киши менен сүйлөшсөң жакшы да... 101
Баш жазуунун амалы 101
Алайкуулуктар аңгемелешкенде 102

## Арноолор, достук азилдер, тамашалар

Бийик болсун зоболоң! 104
Акын, досум Кожогелди Култегинге 105
Акын Манап Алиевге 106
Чоюнов Эрмек Жунусович – 50 жашта 108
Осмонов Жолборсбек Арыкбаевичке 112
Аттокуров Мамазайир 50 жашта 114

## Обондуу ырлар

Кыргыз тили 117
Капчыгайым 118
Ошпирим 120
Сулайман тоо 121
Чырагым-ай 122
Сагынуу 122
Жаш жубайлар 123
Айылдан айга 124
Стокгольм 125
Автордун архивдик сүрөт альбомунан 125

**Моңолбаев Т.**

# Калем саптагы шишкебек

**Сатира жана юмор:** ***Саясий тамсилдер-памфлеттер, достук азилдер, тамашалар, жаныттмалар, арноолор, даректүү күлкүлүү окуялар, такмазалар.***


Редактор: **Э. Тиллебаев**

Тех.редактор: **М. Маматалиев**

Корректор: **М. Турсунбекова**

Компьютерде жасалгалоо: **Ө. Жакыпов**

Терүүгө 10.04.2012-жылы берилди.
Басууга 05.06.2012-жылы кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1\16.
Көлөмү 9,5 басма табак. Нускасы 500. Буюртма №447
«Ошоблбасмакана» АК офсеттик ыкма менен басылды.

Ош шаары. Курманжан датка көчөсү-209